
8
Үйдү жылуулоо менен 40% каражат үнөмдөсө болот



13
Казактарды утсак деген көксөө бар



САРЕСЕП
5-ноябрь, 2015-жыл
№25 (25)
saresep.kg
Калыс көз караш!



– Ассалааму алайкум устаз! Кымызды арам десем, кээ бир адамдар ал арам эмес дешет, ушул туурабы?

*Чыңгыз, Москва.*

Жооп: – *Кымыз адал. Жылкынын эти да адал. Бирок, кымызга кайсы бир нерселерди кошуп, мас кылуучу ичимдикке айланып калса, бул учурда арам болуп калат.*

**14-бетте**



Токол болуунун толгон түйшүгү

**6-бетте**



Бажы биримдиги күткөндөй болгон жок

**7-бетте**



Канаттуу акын Алыкул Осмонов

**10-бетте**




# Абэ менен Керри жана кайран кыргыздын жери

**3-бетте**





## Эл бензиндин кымбатташына нааразы

Азыркы учурда Казакстандан бензинди унаанын багына толтура жана кошумча 20 литр гана алып кирүүгө болот деген чек коюлган. Мындан ашыкчасы чек арадан өткөрүлбөйт. Азыр мисалы АИ-92 бензини Казакстанда бизге караганда 10 сомго арзан. Эл мамлекеттин мындай саясатына нааразы.

Бишкектик ишкер Туран Алибеков бийликтин бул аракети Евразиялык экономикалык биримдикке кирер алдындагы берген убадаларына шайкеш келбей турат дейт. Ал: "Бизге ачык, эч ким текшербеген, бир нерсеңди тартып албаган, адам менен товарлар эркин каттаган чек араларды убада кылышкан. Эмне үчүн анан Казакстандан Кыргызстанга ташылып кирген бензин контрабанда болуп калат? Ал деген коңшулардан ачык эле сатып алынып, жашырылбай эле ачык чек аралардан өтүшү керек болчу. Бул талондор жана 20 литрден ашык алып киргенге болбойт деген талаптар кайдан чыга калды? Мунун баары өкмөттүн ЕАЭБге киргенге чейинки убадаларына карама-каршы келип атат" деген.

Кыргызстандын чет өлкөлүк инвесторлорунун ассоциациясынын өкүлү Искендер Шаршеев эгер сапаттуу товар төмөн баа менен келип атса, карапайым калк үчүн пайдалуу. Бул жагдай мамлекетти башкарып жаткан бир нече адамдын көзүнө гана зыяндуу болуп көрүнүүсү мүмкүн деген. "Биздин өзүбүздүн мунайыбыз жок. Казакстандан күйүүчү майларды ташып кирүүгө болбойт дегенди угуп айраң-таң каласың. Бул ЕАЭБ принциптери иштеп атабы деген маселени коюп атпайбы. Арзан бензиндин агымын токтотуп калуу мүмкүн эмес. Бирок токтотуш керекпи деген суроо туулат. Андан көрө, керектүү көлөмдө ачык эле, минималдуу төлөм колуп алып кире бериш керек да. Бул экономикага кошумча күч болуп бербейби!" дейт Искендер мырза.

## Т.Сариев ЕАЭБдин кесепетине жооп бериши керек



Бул тууралуу ЖКнын мурунку чакырылышынын депутаты Улукбек Кочкоров билдирген. Ал: «Темир Сариев премьер-министр болгондон бери толугу менен өз вазыйпасын аткара элек. Евразиялык биримдикке киргендеги алгачкы кесепеттери өтө орчундуу болуп, элде наарazычылык күчөп кетсе, ошол киши жооп бериши керек.

Негизинен Сариевдин өкмөттө экономикалык реформаларды жасоодо орду өзгөчө болчу. Бардыгы анын чечими менен кабыл алынып, айтканындай болуп келген. Бирок ошол чечимдер канчалык туура болгонун анализ кылсак, текстиль өндүрүшү, курулуш тармагы сызга отуруп калды. Автоунаа саткандар банкротко учурашууда. Дордой базарында да көйгөй көп. Мунун баарына Темир Сариевдин түздөн-түз жоопкерчилиги бар. Евразиялык биримдикте Кыргызстандын орду "байкуш туугандын" ордундай болуп жатат. Акыркы чечимде биз Казакстандын Бүткүл Дүйнөлүк соода уюмуна кирүүсүнө уруксат берип, 3 миң позиция товарга кошумча нарк салыгы жок алып киргенге мүмкүнчүлүк түздүк. Муну менен Дордой, Кара-Суу жана Мадина базарларын сызга отургуздук. Миңдеген жумушчулар ишсиз калып жатат. Бүгүн болбосо, эртең Дордойдун Орто Азиядагы мурдагы ролун Казакстандагы чоң базар аткарат. Биз буга өзүбүз кабыл алган чечимдерибиз менен жол берип жатабыз» деди.

## Коргоо министрлиги жоюлмакчы



Кечээ 4-ноябрда парламенттеги көпчүлүк коалициясы фракцияларда макулдашылган өкмөттүн түзүмүн Жогорку Кеңешке сунду:

Темир Сариев – премьер-министр;

Аалы Карашев – биринчи вице-премьер-министр;

Олег Панкратов – экономикалык маселелер боюнча вице-премьер;

Гүлмира Кудайбердиева- социалдык маселелер боюнча вице-премьер;

Арзыбек Кожошев – Экономика, өнөр жай министри;

Мелис Турганбаев – Ички иштер министри;

Жылдыз Мамбеталиева - Юстиция министри;

Адылбек Касымалиев – Каржы министри;

Кубатбек Боронов – Өзгөчө кырдаалдар министри;

Кудайберген Базарбаев – Социалдык өнүктүрүү министри;

Элвира Сариева – Билим берүү жана илим министри;

Алтынбек Максутов – Маданият, маалымат жана туризм министри;

Талантбек Батыралиев – Саламаттыкты сактоо министри;

Аргынбек Малабаев – Транспорт жана коммуникация министри;

Эрлан Абдылдаев – Тышкы иштер министри;

Турдуназир Бекбоев – Айыл чарба министри;

Бусурманкул Табалдиев – Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасы.

Темир Сариев билдиргендей, жаңы өкмөттө Энергетика, Эмгек, миграция жана жаштар, Коргоо министрлиги министрлиги болбойт. Алардын ордуна Улуттук энергохолдинги, Коргонуу боюнча мамлекеттик комитети жана Миграция жана жумуштуулук боюнча мамлекеттик кызматы түзүлмөкчү. Кээ бир серепчилер Коргоо министрлигинин жоюлуусу Кыргыз өкмөтү мамлекеттин коопсуздугун толугу менен Россияга тапшырып берип жатат деген пикирин билдиришкен.

## ЕАЭБ казактарды жыргатты



Кыргызстан Евразиялык экономомикалык биримдикке киргенден кийин ички өндүрүш аксап 5 миң адам жумушсуз калды. Ишкерлер Өкмөттөн чек арадагы товарлардын көзөмөл маселесин чечип берүүнү суранышууда. Кыргызстандын ишкерлер бирикмесинин вице-президенти Рустам Жунушев кийинки көйгөйлөрдү баса белгилеп кетти. "Биздин чек арадан көзөмөлсүз, салыгы төлөнбөгөн ундар жана башка товарлар кирип жатат.Ошондуктан алардын баасы ылдыйраак болуп, көп сатылууда. Мыйзам чегинде иштеген биздин өндүрүшчүлөр товарларын сата албай, кампалары толуп турат.

Ун азыр 20 сом турат. Ага кошумча нарк салыгы 2 сом 40 тыйын. Бирок азыр кирип жаткан ундун баасы 5 сом деп көрсөтүлүп, салыкка 60 эле тыйын төлөнүүдө. Бул чоң айрыма. Мына ушундан биздин өндүрүшчүлөр жапа чегип жатат. Көзөмөлгө алгыла деп мамлекетке кайрылып жатабыз. Мындан тышкары айыл чарба өндүрүшүнө дотация бергиле, салыктарды жеңилдетип бергиле деген өтүнүчтөрдү да жиберип жатабыз. Алып келинген буудайды кошумча нарк салыгынан бошотуп беришсе, биз да Казакстандан келген ундар менен тең баада сатууга мүмкүнчүлүк алат элек. Жумуш орундарын сактап, бюджетке салыктарды төлөп турмакпыз.

Казакстанда бир адам 40-50 тонна буудай алып, ун кылып, чек арага алып келип сатышууда. Биздин товарларды болсо, ал жакка алып барсак, лабораториялык текшерүүдөн өткөн эмес деп кабыл алышпайт.

Бул жагдайлардын айынан айлык маянасын да бере албай кызматкерлерибизди өргүүгө жөнөтүп жатабыз. Ун тармагында 5 миң адам жумушсуз калды. Ал адамдардын үй-бүлөсү бар. Алар нансыз калды десек да болот. Төрт ишкана Казакстанга которулуп кеткени жатат. Алар кете берсе, биздин дыйкандар буудай экпей калышат. Себеби, аны ала турган өндүрүшчүлөр жок болот. Казактар унду каалаган баада сатып, биздин элди оор абалга кептейт. Бул жерде азык-түлүк коопсуздугу коркунучта калат.

# Абэ менен Керри жана кайран кыргыздын жери

Борбор Азияны, анын ичинде Кыргызстанды кайра колго алуу үчүн батыш орустардын талуу жерин баса баштады. Россиянын учурдагы эң аксап жаткан тармагы – экономика. Тактап айтканда, каражатсыздык. Мунайдын баасы түшүп, рублдин куну кулагандан баштап Россия каражатты талап кылган бирдиктүү долбоорлорду каржылай албай келет




## "А..., бу..." дебе, Абэ

Мисалы CA-NEWS булагы билдиргендей тапкан акчасы, таза кирешеси, сарпталган каражат жана анын кайтарымы 5 млрд. доллардан ашкан энергетикалык компанияларды салыштырган Platts (Top 250 Global Energy Company Rankings) рейтингинде россиялык "Газпром" 4-орундан 43-гө түшүп калган. Россияны бардык тараптан алсыратууга өткөн батыштык саясаттын аракетинен улам, орустар мурунку олигарх Михаил Ходорковскийдин ЮКОСунун ортоктошторунан чет өлкөлөрдөгү мамлекеттик мүлкүн сактап калуу үчүн юридикалык коргонуу борборун түзүүгө мажбур болгон. Бул тууралуу News.mail.ru билдирген. Гаага шаарында жайгашкан эл аралык арбитраждык соту Россия ЮКОСтун өнөктөштөрүнө 50 млрд. доллар төлөп берүүсү керек деген чечим чыгарган соң, Россия мындай борборду түзүүгө аргасыз болгон.

Россия ушундай экономикалык жагдайга кептелгенде, өткөн аптанын аягында G7 "ири жетиликке" кирген эки өлкөнүн эң жогорку даражадагы кызматкерлери Борбор Азияны түрө кыдырышты. Жапониянын премьер-министри Синдзо Абэнин Кыргызстанга убада кылган бир нече миллиону аз көрүнсө да, бир эки инфраструктуралык долбоорлорду алдыга жылдырганга жетиштүү. Салык кызматынын "2015-жылкы бюджетибиз 80%га аткарылат" дегени азыркы учурга жакшы эле тыгынчык болуп берчүдөй. Жапониянын түркмөндөргө 18, өзбектерге 8,5, казактарга 10 миллиарддан кем эмес каражат бөлүп жатканы да бизди кызыктырбай койбойт.

Американын Financial Times гезити жапон премьеринин негизги максаты – Кытайдын дүйнөдөгү экономикалык экспансиясын чектөө дегени менен көмүскөдө дагы бир сыр жаткансыйт. Бул колониалдык көз карандылыктан чыккан мамлекеттерге өзүнүн саясий моделин сунуу. Эгер, өзүңдүн моделиңди суна алсаң, анын аркасы менен бул өлкөдө өз ишкерлериң үчүн артыкчылык жарата аласың.

## Америкага түшүмүн жыйнаар учур келди

Борбор Азияны кыдырып жүргөн АКШнын мамлекеттик катчысы Жон Керри менен чогуу жүргөн, бирок, атын атагысы келбеген аткаминер: "региондун лидерлери Афганистан тараптан келчү коркунучту өтө эле апыртып алышкан" деп баамдады" дейт New York Times гезити. Гезиттин айтымында Афганистандагы кырдаал бул өлкөлөрдүн экономикалык абалын күндөмдөн сүрүп чыгарбашы керек. Мунай-газдын баасынын төмөндөөсү, Россиядагы кризистен улам мигранттардын жиберген акчаларынын азаюусу элдин абалын барган сайын оорлоштурууда. Муну көргөн АКШ "Жаңы Жибек жолу" деген долбоорду сүрөп, бул өлкөнүн Мамлекеттик департаменти Борбор Азияга жардам берүү программасы тууралуу жар салды. Жон Керринин зыяраты учурунда мындай чечимдердин кабыл алынуусу анын миссиясын бир топ жеңилдетчүдөй көрүнөт.

Кыргызстанга Борбор Азиядагы Америка университети менен АКШнын элчилигинин жаңы имараттарын ачууга келген Мамкатчы Кыргызстандын демократтарына жаккан көп сөздөрдү сүйлөдү. Ал Американын башчыларынын бири Бенжамин Франклинден бир аял: "Бизде монархиябы же республикабы?" деп сураганда, "Республика болот, эгер сактап кала алсак" дегенин айтып, билим берүүнүн демократияны сактап калууга эң чоң салым кошорун айткан.

Билим берүү жаатына иштөө АКШ негизги каржылоосун адам ресурстарына багыттаганынан кабар берет. Ошондуктан Америка менен Кыргызстандын ортосундагы убактылуу оош-кыйыштар бул өлкөнүн стратегиялык максаттарына олуттуу таасир тийгизе албайт. Себеби, анын Союз кулагандан берки бапестеп келе жаткан жаштары өлкөнүн бардык тармактарында кесипкөйлүгүн көрсөтө алышты. Азыркы Жогорку Кеңешке келген орто муун да Россиянын бардык тараптан үлгү боло аларына ишенбейт. Туш тарабынан авторитардык жана олигархтык режимдер менен курчалган Кыргызстан дале ара жолдо.

## Кыргызстан берекелүү топуракпы?

Жаш экономист Азамат Акелеев: "Казактар Дүйнөлүк соода уюмуна мүчө болду. Алар Евразия экономикалык биримдикке кирген мамлекеттерге гана эмес, башка өлкөлөрдү да бириктирген аймакка айланууну көздөөдө. Кыргызстан да бардык мүмкүнчүлүктөргө ачык болуусу керек. Биздеги кризис жасалма. Биз өзүбүз бир гана рынокко багыт алдык. Кыргызстандан Монголияга товарды киргизүү 3 доллар. Америкадан Монголияга 10 цент. Бизде жасалма тосмолор көп. "Ачык асман" саясаты дедик, транспорттук хаб курабыз дедик. Курулган жок. Ошол үчүн ушундай асман чапчыган баалар коюлган" деп "Марал" радиосу уюштурган "Босого" тегерек столунда Азамат Акелеев чыркырады.

Эми орус экономистинин Россиялык чиновниктери тууралуу айткандарына кулак салсак. Россиянын эң күчтүү каржы башкаруучуларынан делген Андрей Мовчан өлкөсүндө мамлекеттик монополияларынын көптүгү, өтө ири өлчөмдөгү мамлекеттик чыгашалар бар экенин айткан. Ал: "Россиянын өнүкпөгөнүнүн эки себеби бар. Адамдардын бири-бирине ишенбөөсү жана мамлекеттин бизнеске "алма быш, оозума түш" деген мамиле кылуусунда. Эгер сиз Кытайга акча менен барсаңыз "Акчаңызды бул жерде иштетүүңүз үчүн сизге эмне керек? Жерби, имаратпы, салыктан бошотуубу?" деп сурашат. Биздин региондогу аткаминердин кабинетине барсаң, мурдун балта кеспегендин бири отурат. Кирем деп айлап кире албайсың. Кирип калсаң, "бул жерде бизнес кылууга уруксат берүүм үчүн жеке мага эмне кылып бересиң" дейт" деп агынан жарылган.

Бул арада Кыргызстан бизнести ачуу боюнча жеңил өлкөлөр делген рейтигде 7-даражага көтөрүлүп 189 өлкөнүн арасында 35-орунду алган. Бул жогорулоо өлкөбүздө ишкердик абалдын жакшыруусуна байланыштуу делген. Бул эки баамдоону салыштырып туруп Кыргызстанда бизнес кылуу кыйла жеңилирээк экенин түшүнөсүң. Бирок азыр башкарууда турган муундун өкүлдөрү же тез окуулары керек, же башкаруу орундарын бошотуусу керек, же жаштар менен кеңешип иш кылуусу керек деген бүтүмгө келесиң.

## Интернет деген жамааттык зээн таасирин арттырды

Америка университетинин жаңы имаратын ачып жатып Жон Керри дагы бир пикир айтты. АКШнын мамкатчысы: "Азыр дүйнө тыгыз байланышка өттү. Ар бир адамдын смартфону бар жана ал бир нече адамга таасир бере алат. Бул мурункуларга караганда өтө күчтүү курал. Мисалы Сирияда (Египет менен чаташтырды окшойт) бири чыгып өзүн өрттөп ийди эле, акыры бүт эл бийликке каршы көтөрүлдү" деди.

Чын эле азыр чындык чыркырап кала бербей калды. Ар бир адам өз үнүн угузуп, көйгөйүн коомчулуктун баамына коё алат. Блоггерлер классикалык мисал катары депутаттарга 2,6 млн. сомго кресло алдырбай коюусун айтат. Бирок, көп узабай ЖК 3 млн. сомго килем төшөп алганынан улам креслолор алаксытуучу оюн болгонбу деп ойлоп кетет экенсиң.

Иши кылса, интернет аткаминерлердин чекесине чыккан чыйкан болду. Эми жаңы эле депутат болгондордун төө бурчак, жолдор, ипотека, насыя, бардык жыргалчылыктардан баш тартабыз дегенин эч ким унутпайт. Себеби интернетте баары жазылган, кайра окуп, угуп, көрүп алсаң болот. Керектүү учурда жаңыртып, кайра жарыялап салсаң болот.

Мына жакында эле 9-майда Мосванын Кызыл аянтына чокунуп алып кирип келген Россиянын Коргоо министриники делген хан сарай чыкты желеге. Бул маалыматты швейцариялык Neue Zuercher Zeitung гезитинин кабарчысы Иво Мийнссен Алексеем Навальныйдын "Жемкорлук менен күрөшүү" фондунун маалыматына таянып басып чыгарган. Ал сарайды 18 млн. швейцар франкына (1,5 млрд сомго жакын) баалап ийишкен. Бул хан сарайдын жерин 2009-жылы Сергей Шойгунун 18 жаштагы кызы 582 млн. рублга сатып алган дешет. Сарай колдон колго өтүп отуруп, акыры Шойгунун аялынын эжесине катталган имиш. Бул жалганбы же чынбы белгисиз. Кремлдеги администрация бул кабарга азырынча эч кандай жооп берген эмес. Бирок, чет элдик журналист Владимир Путиндин эң карапайым жана таза деген министрин соккон.

Айталы дегенибиз, бийлик шакыбатына киргенде биротоло акыл-эстен ажырап калбаш керек, анткени бардык нерсе жазылып жатат. Акыры бардык ката жана күнөөлөр, Кудай сактасын ашкере болуп калууда.

Бетти даярдаган
ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ

# Ташты неге ташыдым?



Күн нуру шооласын тегиз чачыратып турган мемиреген таңда бир акылман түбөлүктүүлүк туурасындагы ойлорго берилип, ырахаттана чай ичип отурган. Ошол маалда шакирти устатына кайрылып: “Насаатчым, акылдууну акмактан кантип айырмаласа болот?” деп сурайт. Шакиртинин суроосу үчүн ичип аткан чайын калтырып, окуучусун ээрчитип жөнөйт. Тоонун жаңы эле жар урап көчкөн бөлүгүнө жеткенде, ар кандай көлөмдөгү урап жаткан таштарды көрсөтүп, тоонун чокусуна чыгаруусун буюрат. Таштар өтө көп болгондуктан, бечара шакирти күнү бою ташыйт. Бул маалда устат бактын көлөкөсүнө көлөкөлөп, улуу ойчулдардын китебин окуп отура берет. Шакирт абдан чарчаса да, күүгүмгө чейин бардык таштарды чокуга ташып бүтөт. Ишин бүтүргөндөн кийин жасаган ишине сыймыктанып: “Устатым, суроомо эми жооп ала аламбы?” дейт. “Жок.” дейт устат. “Анда мен чокуга таштарды эмнеге ташыдым?” деп шакирт наалыйт. “Мына ушул суроону таш ташырдан мурун сураш керек болчу. Акылдуу адам ташты ташыгандан мурун ушул суроону бериши керек эле” деп сөөмөйүн жогору көтөргөн экен.

Бул икаяда кайсы бир ишти жасардан мурун бардыгын акыл элегинен өткөрүп алып, убара болбоо зарылчылыгы тууралуу айтылган. Орустарда “Мартышкин труд” деген туруктуу сөз айкашы бар. Жасаган мээнетиндин акыбети кайтпай, бекерге кетти деген маанини билдирет. Алда кандай ишти жасардан мурун жети өлчөп, бир кесүү, куру бекер убара болбоонун алдын алат.

# Данек



Данек алыс барып, суусу мол, күнү ысык, топурагы жагымдуу жерге түшүп, зор дарак болуп өнүп чыгууну эңсейт. Ким аны ошондой жерге жеткирет, ким? Аны эч ким билбейт болчу.

Данектин жүрөгүндө жаңы сезим пайда болду. Аны өзү да толук түшүнө элек. Бирок ал дүйнөгө башкача карап калды.

Ушул күндөн баштап данектин сыртын эң жука чел кабык каптады. Кабык күндөн-күнгө калыңдай берди. Данек да демин ичине алып, үлп эткен желге да, тып эткен тамчыга да, учуп жүргөн канаттууларга да ыраазылык, урматтоо менен карайт. Данектин кабыгы калыңдап, ал мурдагыдай көпкөк болбостон, аздап агара баштады. Данектин сезиминде кандайдыр таттуулук пайда болду.

Күндөр өтө берди, күн өткөн сайын данектин кабыгы актан сарыга айланды, сарыдан кызыл тартты. Арадан дагы бир жумадай убакыт өттү. Данектин кызарган сырты ого бетер калың тартып, жумшак, таттуу болуп калды. Данек эми сабагынан бошоп, ушул жерге түшүп каламбы деп коркту. Данек бекер эле корккон экен. Күндөрдүн биринде бышкан мөмөнү тумшугу курч, канаттары күчтүү чыйырчык келип, тиштеп алып алыска учуп кетти. Бул убак күзгү бышыкчылык болчу.

Ар бирибиз качандыр бир кездерде саябандуу бактан бүчүрлөп, мөмө болуп жетилгенбиз. Маңдайга жазган тагдыр буйругу менен географияда популяцияга учурайбыз. Бардык адам баласы кыртышы жакшы жерден тамырлап, өзү да чынар болуп мөмөлөп, дүйнөгө таралгысы келет. Тамыр алган жериңдин руханий кыртышы жакшы болсо, бере турган мөмөң да ширелүү, маңыздуу болот. Чынар болуп өсө турган данектерге жакшы азык бере көр, кымбаттуу окурманым!

# Кофе



Окуу жайын ийгиликтүү аяктап, мыкты карьера жасаган бүтүрүүчүлөрдүн тобу өздөрүн окуткан картаң профессоргo “учурашып коёлу” деп мейманчылап барышат. Сөзгө-сөз жалгашып отуруп, бүтүрүүчүлөр жашоо-турмуштун майда-чүйдө маселелерине чейинки арыз-армандарын айтып киришет. Коноктоpуна кофе сунуштаган профессор ашканадан кофе куйган чайнекти, фарфор, айнек, пластик, хрусталь, жөнөкөй жана эң кымбат чөйчөктөрдү тайпак идишке аралаш салып келип, кофе куюп сунат.


Бүтүрүүлөр чөйчөктөрдү колдоруна алганда, профессор: “Силер байкадыңарбы? Бардыгыңар эң кымбат идишке куюлган кофени алдыңар. Бириңер да жөнөкөй жана арзан идишке куюлган кофени алган жоксуңар. Түшүнсөңөр, идиш кофенин сапатын мыкты кылып жибербейт. Эң мыкты, эң жакшы нерсеге ээ болом деген оюңар силердин көйгөйлөрүңөрдүн негизги булагы. Каалаган нерсеңер чынында чөйчөк эмес, кофе эле. Бирок силер аң-сезимдүү түрдө эң жакшы чөйчөктөрдү тандап алып, кимиңерге кандай чөйчөк тийгенин гана карап турдуңар” дейт.

Урматтуу окурман, эми элестетип көрүңүз. Кофени жашоо десек, чөйчөктөр кызмат, акча, коомдогу ордуң экен. Алар болгону жашоо агымын сактап туруучу каражаттар эмеспи. Колубузда кандай чөйчөк болбосун, ал биздин турмушубуздун сапатын аныктабайт. Кээде чөйчөктү карап отуруп, чыныгы кофенин даамын билбей калат экенбиз. Ошондуктан өзүңүздүн гана кофеңизден ырахат алыңыз!

# Абышка менен небере

Абышканын карылыгы жетти. Көзү шоролонуп, кулагы катуулай баштады. Кашыкты оозуна жеткиреpде колу калтырап, тамакты төгүп алчу болду. Абышканын мунусу келини менен уулуна жакпады. Алар абышканы дасторконго бирге отургузбай, тамакты карапа аякка куюп, бөлөк берчү болду. Бир күнү карапа идиш абышканын колунан түшүп кетип, сынып калды. Ага келини менен уулунун аябай ачуусу келди. Мындан кийин тамакты жыгач идишке беришчү болду.

Бир күнү абышканын небереси жыгачтан бир нерсе жасап жатты. Уулунун кылганына кызыккан ата-энеси эмне жасап жатканын сурап калышты. Ит аяк жасап жатканын, алар картайганда тамакты ушуга куюп берерин айтты. Апасы менен атасы кызарып,бири-бирин карашты. Өздөрүнүн уят болгонун сезишип, ошол күндөн тарта абышканы кастарлап сыйлай баштады.



# ЖоКеге жоромол



Эл өкүлдөрү адегенде арыздашып, соттошуп, бирин-бири боктошуп, бет карашпачудай касташып, аягындаминтип достошуп отуруп, акыры мандаттарын алып бүтүп тынчыган кези. Кечээ эле жаакташып жаткандар бүгүн Жогорку Кеңеште жанаша отуруп алышып, кол алышып жаткан чагы

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

Учурдагы парламент олигархтар менен кримдүйнөгө аралашкан, элдин акчасын өзүнүкүндөй көргөн, үстүнөн коррупцияга каршы иштер козголуп келген өкүлдөргө бай экени элитанын жана элдин арасында буга чейин оозеки айтылып келсе, акыркы мандат бөлүштүрүү жараянынан соң, ачык айкын көрүнүп калгандай.

Бу жолку парламентке V чакырылыштын 50гө жакын депутаты, 3 экс–премьер–министр, 14 министр, губернатор жана аким, 2 баш прокурор депутат болуп келишти. 120 депутаттын 23ү аял. Эң жашы Айсулуу Мамашева 27де, карысы Анвар Артыков 64 жашта.

Деген менен башында жаштарды жана аялдарды кошуу квоталары каралып, курамды тең салмактуу кылуу үчүн тизменин төртүнчү катарында аялдар туруусу мыйзам боюнча шарт болчу. Чынында, бул жолку парламентте жаштар саналуу гана.

Бул тууурасында **юридика илимдеринин доктору Мукар Чолпонбаев** төмөнкүдөй пикирин билдирди: "Жаштарды аралаштырабыз деген демилге формалдуу эле көрүнүшкө айланды. Ачык айтсам, жаштар курал катары колдонулуп калганын өздөрү да байкабай калышты. Бул жолу авторитардык–олигархтык бийлик келди. Байлар биригип, бийликти ээлеп алып, кедейлерди акырын сүрүп чыгарып, экинчи бийликке жолобос кылып койду. Ошентип эл дагы бай–кедейге бөлүнүп калды. Акчаң болсо бийликке барасың, акчаң жок болсо жакын дагы жолобойсуң деген түшүнүк биротоло бекемделди. 24 жыл Кыргызстанды башкарып, бийлик башында эле жүрүп, буга чейин эле мамлекетти өнүктүрүүнүн ордуна, талап–тоноп, сатып, ошону менен байыгандар кайра шайланып келишти. Байлар байлыгын сактап калуу үчүн гана келген. Алардан эми кандай жакшылык күтө алабыз? Арасына бирин–экин жаштарды кошуп алып, ак жамынып жаткан кербези эчак эле билинген. "Акыл оошот, ырыс жугушат" деген кеп бар кыргызда, аны сыңарындай жамандык да жугушат экен. Бул мурункулардын жанында жүрүп, алардын тарбиясын алса, убакыт өтпөй ошол өңдүү саясатчы болуп чыга келет деген кеп. Экинчиден, алар жаштарга жол да, мүмкүнчүлүк да беришпейт".





Ал эми **саясий серепчи Токтогул Какчекеев** мындай дейт: "Партиялык жаңылануу болгону менен кадрдык жаңылануу жокко эсе. Мисалы "Бир бол" же "Кыргызстан" деп атын өзгөрткөнү болбосо, курамындагылар баягы эле мурдагы премьерлер, министрлер, деги эле мамлекеттик май талкан кызматта иштегендер. Мындай толуктоо менен келген депутаттар өкмөттү жыргатып деле иштетишпейт. Өкмөттүн ишине кийлигишет. Жалпылап айтканда, бул чакырылыштагы парламент бизнесмендердин клубу десек болот. Туура, үстүнөн кылмыш козголгондор да бар, бирок сот системасы анын ичинде баш прокуротура "кылмышкер эмес" деген чечим чыгарып жатса, эч ким аларды кылмышкер же коррупционер деп атай албайт. Ошондой эле алар кайсы жерде болбосун, каалагандай өзүм билемдик кыла беришет. Партиялардын арасында социалисттик партиялар да бар. Муну эстен чыгарбашыбыз керек. Булар түздөн–түз социализмдин принциптерин карманууга милдетүү. Кыскасы курамы жагынан мурдагы парламенттен айрымасы жок, ал эми өзгөчөлүгүн бир гана убакыт көрсөтөр. Парламеттин бир оорусу бар, ал – өкмөттү тебелеп–тепсөө жана күнөөлөө. Мындай көрүнүштү өлкө беш жыл бою башынан кечирип келген. Жаңы парламент да бул жорукту кайталаса, курамы жагынан да, саясий куралы жагынан да эски парламенттен айрымасы жок болот".



**Экс–депутат Жылдызкан Жолдошева** тизменин 4–катарында аялдар турганы менен мыйзамда белгиленген көрсөтмөгө туура келбегенин айтып, муну мыйзам бузуу катары эсептеди: "Мыйзам боюнча жергиликтүү кеңештерде жана Жогорку Кеңеште 30%дан кем эмес аялдардын болуусу шарт болсо, бүгүн бул норма аткарылган жок. Тилекке каршы, шайлоо ыплас өтүп калды, бул добуштарды эле сатып алуу менен чектелбей, мандаттарды да торт бөлүштүрүп алгандай эле элес калтырып койду. Аялдардын маселесине келсек, тизменин 4–катарында аял турбаса, Боршайком партия катары карабайт, ошол себептүү шайлоо алдында авторитет топтоп калган же капчыктуу айымдарга сунуш айтышып, чуркашып тизмеге кандай жол менен болбосун кошушат да, шайлоо аяктаганда "жетиштүү добуш топтой албадың" деп акырын чыгарып коюшат. Бул айтпаса деле көрүнүп калбадыбы. Чынында эле VI чакырылыш боюнча ар түрдүү сын–пикирлер айтылып атат. Ар бир айтылган сында чындык болсо керек. Ал эми жаңы парламент канчалык деңгээлде жакшы иштээрин убакытка узата туралы".



Ар жерде ажырым пикир дегендей, жаңы Жогорку Кеңеште мамлекеттик кызматта иштегендер жана мурдагы министрлердин депутаттык мандат алышы парламентти алдыга сүйрөйт дегендер да четтен чыгат.


**Эксперт Игорь Шестаков** төмөнкүдөй баасын берди: "Менимче, бул курам V чакырылыштын курамына караганда күчтүү. Анткени, ал депутаттар 2010–жылдагы окуялардан кийин шайланышкан. А кезде парламенттик республикага каршылар да болгон, каршы эместер да болгон. V чакырылыш ириде саясий маселелерге көп көңүл бурушту. Ал эми бул VI чакырылыштын депутаттары көбүнчө экономикалык маселелерге көңүл бурушат. Ошондуктан бул жаңы курамдын катарынан биз экономисттерди көбүрөөк көрүп жатабыз. Алар саясаттан алыс болушат".

Ал арада чакырылыштын биринчи жыйынында эле партиялар убадасын аткарууга киришти бейм, айтор, депутаттарга берилчү жеңилдиктерден баш тартууну кароону сунушташты. Мунун аркасында депутаттык кол тийбестиктен, кызматтык автоунаа, акысыз турак–жай жана кошумча жардамчыларды да пайдалануудан баш тартуу турат. Эгер бул жорумду бардык эл өкүлдөрү бир добуштан колдосо, жылына 440 млн., ал эми 5 жылда 1 млрд 300 млн сом үнөмдөлмөкчү. Бул жерден да ажырым пикирлер табылбай койбойт. Бири депутаттардын кол тийбестигинен ажыратуу менен бирге, аларды кулпусуз кишендеди десе, бири мыйзам алдында баары бирдей болушун, жөнөкөй жаран менен тең укукта болуп, жадагалса коомдук транспорт менен жүрүшсүн деген пикирин билдирүүдө. Канткен күндө да депутаттардын жеңилдиктерин алып салуу саясий программа эместигин, бул жөн гана биздеги калыптанып калган кемчиликтердин бири экенин серепчи–аналитиктер баамдап келген. Азырынча жеңилдиктерден баш тартууну "Ата–Мекен" фракциясы менен "Республика–Ата–Журт" партиялары расмий колдошту. Ал эми калган партиялар оозеки макулдугун берүүдө.

Айта берсең, арман көп экен. Буга чейин ар бир мандат 7 млн. сомго арзыганын жазып чыккан элек. Ал эми депутаттардын жеңилдиктерден оңой эле баш тартуусу табышмакты жаратып отурбайбы. Деген менен кеткен каражаттын ордун толтурушу керекпи, же?..

# Токол болуунун толгон түйшүгү

Кыргызстанда эки же андан көп аял алуу кылмыш экенине карабастан, мындай көрүнүш популярдуулугун жоготпой келет. Көп аялдуулуктун актуалдашына мырзалар гана эмес, жаш кыздардын өздөрү да себепкер болушууда



ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ

Кыргыз тарыхында хан-бектер, бай-манаптар көп аял алышып, ошол учурда эле жаш кыздар хандын жары болууга умтулушкан. Байлык, бийлик, мураска жетүү үчүн өзүнөн алда канча улуу адамга турмушка чыгуу бүгүнкү күнгө чейин сакталып, атүгүл учугун үзбөй келатат. Адистердин айтымында, мунун негизги себеби, Кыргызстанда эркектер менен аялдардын санынын шайкеш келбегенинде жана өз үй-бүлөсүн тыңыраак бага албаган эркектердин көптүгүндө.

### Кедей жигитке турмушка чыкканча, улгайган байга чыккан жакшы

Улуттук статистика комитетинин 2015-жылдагы маалыматы боюнча Кыргызстандын жалпы калкынын саны 5895062 болсо, анын 2916971ин эркектер, 2978091ин аялдар түзөт. Шаардыктардын саны 1986740, анын 941522 эркектер болсо, аялзатынын саны бир аз көбүрөөк 1045218, айыл тургундары 3908322, анын 1975449у эркектер, 1932873үн аялдар түзөт. Демек болжол менен айылдагы 1000 эркекке 970 аял, шаардагы 1000 аялга 815 эркек туура келет.

Начар жашаган жигитке турмушка чыкканча, картаң да болсо байыраак бирөөнө аял болгонум жакшы деген кыздардын саны арбып барат. Акыркы моделдеги телефондор, кымбат деп эсептелген "Lexus" үлгүсүндөгү машиналар, кабат-кабат үйлөр сүйүүдөн да биринчи туруп, заманбап жашоонун атрибутуна айланып калган. Каалаган нерсесине өзү жете албаган жеңил ойлуу кыздар минтип экинчи аял же көңүлдөшү болууга чейин барышат.

Бишкектеги түнкү клубдардын биринде бармен болуп иштеген Калыс: "жаш эле кыздар чоң атасындай болгон эркектер менен колтукташып келишет. Алгач жаш, сулуу кыздардын адаттарына аябай таң калып, кээде ичимен сөгүнүп алчумун. Бара-бара көнүп деле калат экенсиң. Кечинде келишет, кымбат ичимдиктерди заказ беришет, ичишет. Улуулар менен мас болгуча ичип, баса албай тигилерине жөлөнүп араң кетишет. Башка улуттун кыздары болсо макул дейсиң, кыргыз кыздардын бул жоругу акылга сыйбаган көрүнүш. Дагы айта кетчү маселе, жанагы "мырзасөрөйлөр" бир-эки айдан кийин эле башкасын ээрчитип келет" дейт. Маектешим бул кыздар 17-25 жаштын тегерегиндегилер экенин да кошумчалады.

### Полигамиялык мамиледен аял киши көп жабыркайт

Дарыгерлердин айтымында, полигамиялык мамилелерден аял киши көбүрөөк жабыркап, ден соолугунан айрылат. Себеби, эркек кишиде тандоо болуп, биринчиси болбосо, экинчисине барат. Ал эми аялдары кызганып, күйөөсүн күтүп атып эле эмоцияга алдырышып, психикалык ооруларга дуушар болушат. Токолдуу эркектин аялдары кан басым, жүрөк оорулары менен көп оорушат. Ошондой эле эркек киши бирин таштап, оңой эле экинчи мамилеге өтө алат. Ал эми аял киши көп убакыт жаңы жашоо баштай албай, кыйналат.

"Күйөөмдүн экинчи жаш аялы сиз бере албаганды мен бере алам деп бетиме эле айткан" дейт 52 жаштагы Орозгүл: " Жолдошум менен 26 жыл бирге түтүн булатып жашадык. Ысык-суукка карабай базарга чыгып жүрүп, жашообузду оңодук. Кийин мен ооруп, бейтапканаларда көп жүрүп калдым. Ошондо күйөөм токол алып алыптыр. Муну 3 жылдан кийин билдим. Ортобузда эки балабыз бар. Атүгүл чоң ата, чоң апа да болуп калганбыз. Алган аялы 26 жашта, улуу балабыз менен тең. Сүйлөшөйүн деп үйүнө барсам, ажылдап, босогосунан өткөзбөйт. Байлыкка кызыгып бир үй-бүлөнүн турмушун бузуп жаткан мындай кыздар, кийин убалга деле калышарын ойлошсо дейм" дейт. Сөзүнүн акырында Орозгүл айым учурда күйөөсү расмий ажырашып, экинчи аялына үйлөнгөнүн кошумчалай кетти.



Кайда кимге турмушка чыгуу ар бир адамдын укугу деген кыздар өз максатына жетүү үчүн бир үй-бүлө очогун бузууга чейин барышат. Бири кыргыздарда бай, жаш жигиттер аз дешсе, бири жигиттерибиздин баары чет жерде жүрсө, анан кимге турмушка чыгабыз дешет. Атайын маалыматтарга таянсак, чет жактарда жүргөн 1 миллионго жакын кыргызстандыктардын 70%ы эркектер.

29 жаштагы Жазгүл: ". Өзүм карапайым үй-бүлөдө чоңойгон кызмын. Жетишпеген турмушта жашоодон тажадым. Биз аялзаты бардык жагынан камсыз болууну самайбыз. Эгер күйөөбүз бизди бага албаса, ортодогу сүйүү деле өчүп калат. Башкалардай болуп ичинтип, кийинтип ала албаган соң, жигиттер үйлөнбөй деле койгону оң. Мен тийсем байга тием, болбосо, турмушка чыкпайм" дейт.



### Орточо айлык 12,2 миң сом

2015-жылдын жыйынтыгын алып карасак, Кыргызстандагы орточо айлык 12,2 миң сом. Мындай суммадагы айлык алган жаш жигиттин акчасы аял-бала-чакасын мындай кой, кара башын камсыздаганга да жетпейт. Чоң ичүүнү, эрке турмушта жашоону каалаган аялзатынын буюм-тайымына, күнүмдүк керектөөлөрүнө мындай эркектин чач-кирпиги чак келбейт.

Четинен эле санап берели: Норка шуба – 120 миң сомдон жогору;

Бут кийим – 8 миңден жогору;

Бир сезондук мыкты дизайнерлердин маркасындагы кийим – 50 миңден жогору;

Алтын шакек, чынжырчалар – 15 миң, бриллиант көздүүсү – 80 миңден жогору;

Кафе, ресторандагы тамактануу – 2 кишиге 6 миңден жогору;


100 даана роза гүлү – 12 миңден жогору;

Аялзаты айдаган машиналар-300 миңден жогору;

Элиталык бир бөлмөлүү батир – 50 миң доллардан жогору турат.

Кыргызстандын мыйзамына ылайык бир мезгилде бир нече никеге турууга тыюу салынат. Кылмыш-жаза кодексинин 153-беренесине көрсөтүлгөндөй, аталган мыйзамды бузган жарандар эки жылга чейин эркинен ажыратылат. Бирок, учурда кыргыз коомунда кимдин канча аялы бар экени ачык-айкын айтылып жатканына карабастан, сот жообуна тартылгандар жокко эсе. Ошол себептен жарандарыбыз кимге тийип, кимди алса да өздөрүн билип келет. Ошондой эле молдого нике кыйдырып, мыйзамдын "никесин" эсепке албай турган заманда бул көрүнүш эч тоскоолдуксуз өркүндөй берет.

Кыргыз кыздарынын баары жеңил ойлуу дегенден алыспыз. Акчага азгырылып, күнүмдүк жыргалчылыкка алданып, өзүнөн кыйла улуу адамдар менен жүрүп жаткан кыздарыбыздын жоругун жаштык менен түшүндүрсө болот. Бирок бардык нерсенин убагы бүтөт дегендей, жаштык, сулуулук кеткенден кийин, аркасында кайгы, өкүнүч каларын унутпасак.



# Бажы биримдиги күткөндөй болгон жок

Кыргызстан Бажы Биримдигине киргенине үч айга чукулдап калды. Бирок, күтүлгөн үмүттөр аткарылбай, өлкө ЕАЭБдин босогосунда кептелип, ара жолдо калгандай. Соода жана тейлөө тармагына негизделип калган экономиканы кайрадан агроэкономика багытына салуу өтө кыйын иш экенин, жадагалса, мүдөөсүнө чыкпай калуу коркунучу бар экенин көрсөтпөйбү? Канткен күндө да, калктын басымдуу бөлүгү чейрек кылымдан бери жумуш жок, жалаң гана алып сатарлык менен алектенип келгенин тана албайбыз да

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



ЕАЭБге кирүүнүн башкы максаты агроэкономиканы өнүктүрүү болчу, бирок эркин саясий экономикалык аналитик, Токио шаарынын Васеда университетинин изилдөөчүсү Сейтек Качкынбаев экономикада негизги ролду айыл чарба ойноп, калктын негизги бөлүгүн дыйкандар түзсө, ал өлкө дайым кедей өлкөлөрдүн катарын толуктайт деген ойдо. “Негизги экономика айыл чарба жаатына багыттала турган болсо, ал экономика эзели оңбойт. Бул эчак эле дүйнө жүзүндө белгилүү болуп, илимде да далилденген иш. Башка тармактарга, мисалы IT технологияга, туризмге же башка өндүрүшкө басым жасабай, айыл чарбаны улуттук экономика катары караганыбыздын өзү эле келечекке коркунуч туудурат. Агро экономика кайсы учурда өнүгөт? Жаран башына 8 га сугат жер тилкеси болгон күндө гана айыл чарба өзүн актайт. Мисалы, үй-бүлөдө 5 адам болуп, алардын айдоого ылайык 20 гектар жер тилкеси болгондо гана байыганга шарт болот. Кыргызстанда сугат жер эмес, кайракы жер да жан башына 8 гектарга жетпейт”.



**Экономист, серепчи Нурадил Раимбеков** Кыргызстандын жаратылыш ресурстарын айыл чарба менен мал чарбаны өнүктүрүүчү негизги булак катары кароого мүмкүн эмес жана олуттуу бир нече маселе чечилбей жатканын белгиледи. “Мамлекет айыл чарбаны өнүктүрүүдө комплекстүү саясатты ишке ашырышы керек болчу. Бул фермерлерге ири инвестиция тартып берүү, ишкерлер жана дыйкан-фермерлер биргелешип иштешкенге фискалдык механизмин киргизүүнү камтыйт. Кыргызстан тоолуу аймак экени белгилүү, тактасак, өлкө боюнча болгону 4 эле % аймак фермер менен дыйкандарга ыңгайлаштырылган. Маселен, Баткен облусунда жашоого такыр мүмкүнчүлүк жок болуп баратат. Сугат жерлер дээрлик жокко эсе, ошол себептүү жергиликтүү эл облустан өлкөнүн башка аймактарына көчүүгө аргасыз. Экинчи маселе, атайы адистерди даярдоо. Күнөсканаларды иштетүү же малды көбөйтүү боюнча дыйкандар атайы квалификациядан өтүп турса пайдалуу болмок. Азыр өлкөдөгү айыл-чарба өндүрүмдөрүн текшерүүчү лабораториялардын бири да эл аралык стандартка жооп бербейт. Ушул маселер чечилбесе, биздин ара жолдо турганыбыз турган”.



Бажы биримдигине кирер алдында көпчүлүк серепчилер чакан жана орто бизнес урап, мунун натыйжасында ири ишканалар пайда көрөт деп баамдап келген. Бирок, **“Кыргызгаздын” директорлор кеңешинин төрагасы Мелис Тургунбаев** мамлекет шашылыш чечим кабыл алып, эми ошол чечимдин үзүрүн көрө албай жатканын, жадагалса, чоң ишканалар да жапа тартып турганын мындайча баяндап берди: “Кыргызстан ЕАЭБге киргенден тарта, биз өз алдыбызча байкоо жүргүзүп келатабыз. Белгилүү болгондой, күйүүчү май Россиядан импорттолуп турат. Чек ара ачылгандан кийин Казакстандан аткезчилик жолдору менен көп өлчөмдө күйүүчү май кире баштады. Бул күйүүчү майды легалдуу ташып келип жаткан компанияларга бир топ залакасын тийгизди. Легалдуу ишканалар контрабанданын көлөмү көп болуп кеткенине байланыштуу, легалдуу импортту кескин кыскартты. Мисалы, буга чейин 100миң тонна күйүүчү май легалдуу кирип жатса, сентябрь айынан тарта бул импорт 38%га кыскарды. Бул мамлекеттик бюджеттин азайышына да алып келери белгилүү. Себеби, аткезчилик кылган ишканалар салык төлөбөйт”.



Талас аймагындагы **сүт азыктарын өндүрүүчү “Эжигей” компаниясынын директору Чынар Тынысова** ЕАЭБ пайда эмес, зыян алып келүүдө деген пикирин билдирип, азыр чакан жана орто ишканалар токтоп калуу коркунучу алдында турганын айтып, мамлекет чакан жана орто бизнестерге жол көрсөтүп койсо жетиштүү болмок дейт: “Биримдикке кошуларда биздин азыктарды коңшу өлкөлөргө алып чыгуунун жолу жеңилдеп, эл аралык аренага чыгабыз деген үмүт болгон. Башка ишканаларды айта албайм, бирок, сүт өндүрүү тармагына тийген пайдасы жокко эсе десем болот. Ага бир нече көйгөй бут тосуп жатат. Мисалы, биздин азыктар чектеш өлкөлөргө чыгышы үчүн эл аралык стандартка жооп берген ветеринардык лабораториялар курулушу керек. Ага көп акча каражаты сарпталарын баарыбыз билебиз. Мындан тышкары, малдын баарын идентификациядан өткөрүү керек. Ушул көйгөйлөр өтөөсүнө чыкмайынча, бизге биримдиктин пайдасы деле тийбейт. Рыноктун 80%ы Казакстан болчу. Ал бажы биримдигине кирген башка өлкөлөр менен мамилени жакшы түзүп алган соң, биз азыктарды кайсы жакка сатарыбызды да билбей калдык. Сүт азыктары бат бузулуучу азыктардын катарына киргендиктен, сүттүн наркын төмөндөтүп, өндүрүштү да 4 эсе азайтканга туура келди. Бул, албетте, элдин капчыгына чоң залакасын тийгизүүдө. Азыр каякка кадам шилтээрибизди билбей, караңгыдан жол таба албай жатабыз”.



Дыйкан, фермерлерди колдоо максатында атайы 2017-жылга карата программа иштелип чыгып, өкмөт тарабынан бекитилгенин белгилеген **Экономика министрлигинин ички соода секторунун башчысы Жылдызбек Жумаков** төмөнкүлөргө токтолду: “Атайы ишкерлерге жол көрсөтүп, аларды колдоо максатында министрлик тарабынан жаңы программа иштелип чыкты. Бардык планды аткаруу максатында иш-аракеттер жүрүп жатат. Анын негизинде Евросоюздун жана Түркиянын базарына чыгуу үчүн Евросоюздун комиссиясына арыз жибергенбиз. Ал 6 айда каралып бүтөт деп турабыз. Ошол программа ишке ашып калса, биз товарларды төмөндөтүлгөн же пайызсыз Евросоюздун базарына чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз”.



**“Промотанк консалтинг” компаниясынын жетекчиси Азамат Акелеев** сүйлөшүү жүрүп жаткан маалда майда ишканалар көз жаздымда калып, ири ишканалардын кызыкчылыгы көздөлүп калганын, жеке ишкерлерге көмөк көрсөтүүнүн ордуна прокуратура, бийлик тарабынан бут тосуулар жана басмырлоолор болгонун баса белгиледи: “Сүйлөшүү учурунда майда ишканалар эске алынбай, ири компаниялардын кызыкчылыгы корголуп калган. Маселен, кийим тигүү тармагын алсак, өндүрүм 41%га түшүп кеткен. Негизги маселе кирип жаткан кездемелердин пайыздык тарифи 2-3 эсе көбөйгөндүгүндө жатат. Мунун аркасында тигүүчү материал саткан, тигүүчү болуп эмгектенген ишкерлерибиз ишсиз калды. Бүгүнкү күнү бир топ жеке ишкер акчаларын майда бизнеске жумшап алып, бирок, кайра чыгара албай, “тоңдуруп” кармап отурат”.



Курулуш материалдарын саткан жана курулуш жаатындагы 40ка жакын компанияны бириктирген **ЖИА курулуш комитетинин төрагасы Эльдар Абакировдун** айтуусунда соода бажы биримдигине киргенден тарта 30-40%га төмөндөгөн. “Курулуш компанияларына кризис бир жыл мурун эле келген. Курулуш тармагы күндөн күнгө төмөндөп барат десем болот. “Дордой” базарында иштеген ишкерлердин маалыматы боюнча мурун Кытайдан товардын 1килограммы 80 цент менен келсе, азыр 1,5 доллардан 3,5 долларга чейин жетип жатат. Мындай ыргак менен бара берсек, “Дордойду” колдон чыгарып алабыз. Ансыз да казактарга “Дордойду” белекке берип койгондой эле болуп калдык”.



Ал арада Экономика министрлиги өндүрүлгөн продукциянын аздыгы, ортомчулардын бааны өзгөртүүсү, дыйкандардын жер тилкелеринин тардыгы товарды экспорттоого бөгөт коёрун какшап отурбайбы. Муну уккан эл башында эле бул ойлор Бажы биримдигине кирүүгө камчы чапкандардын биринин да эсине келбегенине таң калып отурат. “ЕАЭБге кошулар замат 180 миллиондук базарга чыгып, дыйкан менен малчынын ити чөп жей баштайт” деп калкты убадага “көөмп” салышты эле. Эми минтип элдин ити эмес, ую да чөпкө жетпей отуруп калыптыр.

# Үйдү жылуулоо менен 40% каражат үнөмдөсө болот

Жаңы технологиялардын жардамы менен үйдү жылуулоо аркылуу электр энергияны 47% үнөмдөөгө мүмкүн деген "Вавилон ЖЧКнын генералдык мүдүрү Саламат Кадыралиев мунун жолдорун гезитибизге кеңири баяндап берди






## Көмүр алардан мурун үйдү жылуулоо керек

Үйдөн Үйдөн жылуулук сыртка үч жол менен чыгып кетет: шыптан 60%ы, терезе-эшик аркылуу 30%ы, полдон 10%ы. Ошондуктан үйдү куруп атканда эле мындай мүчүлүштүктөрдү эстен чыгарбоо зарыл. Жогоруда айтылган жолдор тосулмайынча, көмүрдү алоолонто жакканың да, электр энергиясын болушунча пайдаланганың да, газды күркүрөтө күйгүзгөнүң да эч пайдасын бербейт, кетирген каражатың акталбайт.

Үйдү жылуу кармаш үчүн турак жай салынып жатканда эле жылуулоонун бардык чараларын комплекстүү колдонуу зарыл. Маселен, дубалын канчалык калың салганың менен төбөсүн жылуулабай койсоң, кур убара болосуң. Тамдын төбөсүн жылуулоо технологиясына токтолсок, азыр жаңы ыкмалар чыгып калды. Мисалы шып плитасы орнотулгандан кийин, базальто-волокно менен кайчылаштыра эки катар жапса, жылуу да, экологиялык жактан да таза болот.

Эшик-терезелерди жылуулоо кадимки эле механикалык доводчиктерди орнотуудан башталат. Ошондуктан эшик-терезенин астына резиналык тээктерди орнотуп, дубал менен терезенин ортосундагы жылчыктардын баарын бекитүү зарыл. Жылчыктарды бекитүүдө ар кандай материалдар колдонулат. Эң оңою эшик-терезенин ачылып-жабылган бардык бөлүктөрүн чаптама поролон менен чаптап чыгуу.



Полду жылуулоонун оңой жолу кадимки пенопласт. Аны колдонуу ыкмасын бардык эле мекендештерибиз билсе керек. Ал эми полду жылуулоо үчүн стяжка тарткандан кийин пенопласт таштап, мак торчосун жаткырып, кайра дагы бир катар стяжка тартса, полдун астынан муздак өтпөйт. Ошол сыяктуу эле үйдүн сырткы бетин жылуулоодо коюлган кирпичтин санына жараша сыртынан пенопласт каптап жогоруда айтылган ыкмаларды колдонсо болот. Россиянын пенопласты сапаттуу. Негизинен пенопласт экологиялык таза товардын катарына кирбейт. Андыктан, аталган товарды тандоодо биринчи эле өрттөнүп кетүү коркунучу барбы-жокпу деген сыяктуу тастыктамасына көңүл оодарганыңыз оң. Анткени, аталган материалдын сапатсыздары убакыт өткөн сайын кичирейип, курамынан химиялык заттарды бөлүп чыгарат.



Аба боштугун жылуулукту кармоочу негизги компонент катары кароого болот.

Ошондуктан терезенин айнегинин ортосундагы боштук кенен болгону оң. Бул эки айнектин аралыгы канчалык алыс болсо, үй ошончолук жылуу болот деген кеп. Маселен, үйүңүздүн керегесин эки кат кирпич менен көтөрүүдө ортосун 5-6 см. бош коюңуз. Мындай жол менен салынган там сөзсүз жылуу болот. Жыл сайын энергияга болгон нарк өсүп жатканына байланыштуу, тамды жогоруда айтылган ыкмалар менен курса, 5 жылда ал өзүн-өзү актайт. Ошондуктан, турак жайды салуу учурунда адамдар жылуулукка жакшы көңүл бөлүүсү абзел.



## Калктын жаңы технологиялар туурасында маалыматы аз

Жадагалса, мекендештерибиздин көбү үйдү салууда, көптөгөн каталыктарды кетиришет. Мисалы, шыптын үстүнө ылай тарткан соң анын үстүнө кадимки эле кургак топурак менен таарындыны аралаштырып, 15 см өлчөмүндө төгүп койсо жакшы болот. Бул дагы жылуулукту сактоонун бир жолу. Эгер шыптын үстүнө саман аралашкан ылай жука тартылса, бат эле жарылып кетет. Ал нымдашып дубалдын үстүнүн көгөрүшүнө да алып келет. Үйлөрдү кычыратып салабыз, жылытуучу каражаттардын болгон түрүн колдонобуз, бирок мындай мүчүлүштүктөрдү көп ойлоно бербейбиз.

## Терезени күңгөй беттен чыгар

Тамды жылуулоонун дагы бир жолу салынып жатканда, тамды Күнгү каратып күнгөй терезени чоңураак кылып, бөлмөнүн тескей бетине терезе орнотпоо зарыл. Себеби, күндүн жылуулугу тескейдеги терезеден чыгып кетет. Ал эми күнгөй беттеги терезеге күн баткандан кийин калың парда тартып койсо, кирген жылуулук көпкө сакталат. Кээ бир үйлөрдүн дубалы көгөрүп жатканына бирден-бир себеп тамынын терезелерин тескейден чыгарып койгонунда. Анткени, күн тийбеген бөлмө муздак болуп, жылытканда терезелер тердеп сырттан кирип жаткан суюктан улам буулана баштайт. Акыры үйдүн дубалдары көгөрүп, жыттанып кетет.

## Суук ар бир жылчыктан кирет

Ошондуктан болгон жылчыкты бүтөп чыгыш керек. Башка өнүккөн өлкөлөрдө, мисалы, Америкада атайын жылчыктарды текшерүү агенттиги бар. Ал уюм мамлекет менен келишимдин аркасында ар бир үйдү текшерип, кышкыга даяр деген тастыктама берет. Кыргызстанда да мамлекет менен жеке сектор өнөктүгү деген долбоор бар, бирок иштебей келет. Бул жобо эчак эле иштеп, бир жеке ишкана бул ишти колуна алышы керек болчу. Бирок бул коомдун түшүнүгүнө толук сиңе элек сыяктуу. Имараттарды жылытуу мамлекет болуп түптөлгөндөн тарта олуттуу көйгөй катары каралып келет. Кыштын келиши менен кыргыздын үйүн жылытуу түйшүгү да башталат эмеспи. Азыр мектептер менен ооруканаларды жылытууда миллиондогон акча каражаты сарпталат. Карасаң жылытуучу батарея кол тийгизбегендей ысык, имарат болсо суук. Мисалы, биздин уюм бул долбоорду колго алса, жылытууга кеткен каражаттын 40%ы үнөмдөлөрүнө толук кепилдик бере алам. Ушул иштин аягына чейин чыгам деген адамга бардык жолдорун айтып берүүгө даярмын. Бул бизнес катары иштетсе, жакшы киреше алып келчү иш.



## Ар бир батирге жылуулукту өз алдынча бериши керек

Мисалы бизде жылуулук керекпи, керек эмеспи баары бир акчасын төлөш керек. Батирде бир нече ай жашабай калсаң да, болгон коммуналдык төлөмдөрдү төлөөгө туура келет. Бишкектин ТЭЦинен 100 градус ысык чыкканы менен акыркы колдонуучуга бул жылуулук кандай сапатта жетип атканын эч ким билбейт. Бул системаны жөнгө салуу үчүн үйлөрдү алдын-ала байкаштырып, кайсы жерге насос станциясын, кайсы жерге кошумча жылыткыч куруу керек деген сыяктуу эсептөөлөрдү жүргүзүү керек. Бирок, жашоо барган сайын мамлекетке ар бир адамга индивидуалдуу көңүл бурууга алып баратат. Биз жаңы салынып жаткан кээ бир көп кабаттуу үйлөрдү курууда бул ыкманы колдонуп, ар бир батир өз алдынча жылыгандай газ же электр приборун орното баштадык.

Көп кабаттуу үйлөрдөгү бурчтагы батирлердин шыптарынын көгөрүп кеткенинин себеби, эки бетондун ортосунда керамзит коюлуусу керек болчу. Бирок кийинчерээк аталган курулуш материалы кымбаттап кеткенинен улам, бетонду жабыштырып эле салышууда. А бетон суукту түздөн түз өткөрүүчү материал экени белгилүү. Муну сыртынан кымтылоо зарыл. Сырт муздак ал эми батирдин ичи жылуу болгондуктан, муздак менен ысык кагылышып бууланып, батирдин шыбы көгөрө баштайт.

Үйдү сыртынан жылуулоодо көп проблема чечилмек: Биринчиден, өкмөт мамлекеттик бюджетти аз сарптамак. Экинчиден, көмүр жана электр энергиясы үнөмдөлмөк. Көп кабаттуу үйлөрдүн, айрыкча Союз учурунда салынып калган үйлөрдүн тургундары бул көйгөйдү толук түшүнүшүп, өз ара уюмдашып, каражат топтоп үйдүн сыртын жылуулаcа, өздөрүнө да, мамлекетке да, эң аз дегенде 40%га жеңил болмок.

Материалды даярдаган
АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

# Коммунизмден бейишке сапар

Алымбек Иманалиев быйыл 67 жашта. Жакында ажылык милдетин аткарып келди. Каракол шаарындагы окурмандарына жолугууга барган "Сaресеп" гезити Алымбек абанын жашоо таржымалын угуп, батасын алып кайтты. Аксакалдын маегинен коммунисттик тарбия мусулмандык адеп-ахлакка үйрөткөнүн түшүндүк. Жашоодо жакшы иштер жакшы натыйжага алып барарына дагы бир ирет күбө болдук



### "Түнкү 11де чакырып, таза иштеп бер деди"

Мен Түп районунун Чоң-Таш айылында төрөлгөм. Биздин айылдын мектеби 4-класска чейин эле болчу. 4 класс кыргызча окудум. Окууну улантуу үчүн же алыска барып-келип окуш керек, же интернатка жатыш керек болчу. Атам "орусча окусаң адам болосуң" деп Курмөнтүдөгү "Светлый мыс" деген интернатка киргизди. Бул интернат башкалардан айырмаланып 12 жылдык кесиптик окуу жай болчу. Биз радиомеханик, радиоэлектроник кесиптерин кошо окуп чыктык. Адегенде "жакшы окуган адистер бизге да керек" дешип, мени биз бүтүргөн кесиптик окуу жайга алып калышты. Ал жерде бир аз убакыт иштеген соң, Грузиянын борбору Тбилиси шаарындагы Индустриялык техникумга окуумду улантууга жиберишти.

Аскердик милдетимди өтөп келген соң, Токмоктогу кесиптик окуу жайга мугалимдикке алышты. Ал жерде бир жыл иштегенден кийин Фрунзедеги (Бишкек) Политехникалык институттун инженер-энергетик адистигин окуп бүтүрдүм. Советтик доордо окууну аяктагандан кийин мамлекет жиберген жакка эки жыл иштеп берүү милдет болчу.

Таластын Иваново-Алексеевка айылындагы 1200 окуучуга билим берген Айылдык кесиптик техникалык окуу жайында (СПТУ) беш жыл директордун орун басары болуп эмгектендим. 1979-жылы Ысык-Көл облусунун Темировка айылында ачылган жаңы СПТУга директор кылып дайындашты. Ал кездеги Министрлер Кеңешинин төрагасынын орун басары Бегматова Сакин эже ошол Темировкадан эки жолу Кыргыз ССРнин Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланыптыр. Ал кишиге Темировкалыктар мектепти ремонттотуп бериңиз деп кайрылышчу экен. Сакин эже жаңы эле мектеп куралы деп, курдуруп берип, мектепти көчүрүп кетишет. 1924-жылы салынган мектептин эски имараты бош калып, бузула баштайт. Ал имарат жолдун боюнда турат. Облустун ал кездеги жетекчиси Медеткан Шеримкулов өтүп баратып: "Бул имарат эмне болду экен?" деп кайрылат. Кирсе, мектептин мугалимдери арак ичип отурушкан болот. Баарын тизмеге алып, райондун башчысына барып: "Имаратты бирдеме кылбайсыңарбы!" дейт. Ойлонуп отурушуп: "Бул жерге кесиптик-техникалык окуу жай ачалы" деп чечишет. Билим берүү министри Темировкага кесиптик окуу жай уюштурсаң, "эмгек баатыры наамын берем деп директорлукка алып келди. Ал кезде 36 жашка чыга элекмин. Ошол жерде мугалимдик жамаат калыптап, окуу пландарын түзүп, кыскасы жумушту нөлдөн баштап, 10 жыл директор болуп иштедим. Жаш жамаатыбызга беш жылдык тажрыйбама таянып кесиптик окуу жайдан окутуу, балдарды тарбиялоо принцибин үйрөттүм. Окуу жайыбыз механизатор, экскаваторчу жана ширетүүчү деген үч кесипке даярдачу. Москвадагы техникум менен шериктеш болуп, жылына 10 баладан окууга жиберчүбүз. 1,5 миллион рублдик (ал кездеги курс менен 2,4 АКШ доллары) төрт кабаттуу имаратты бүтүргөндө, мени Облустук билим берүү башкармалыгына которушту. Ошол кезден тартып, Караколдо 28 жыл иштедим. Мунун баарын айтып жаткан себебим, Советтер Союзунда кадр өстүрүү маселесине өтө катуу көңүл бөлүнчү. Кызматка коюлар алдында адамдын билими, тажрыйбасы, эл менен иштеп кетери катуу талданып талкууланчу. Капыстан бири жумушка келчү эмес, капыстан кетирилчү эмес. Жумуштан алынса да, көчөгө чыгарылчу эмес, сөзсүз башка жумуш берилчү. Кадрларды кызыктырып, жандандыруу үчүн дайыма 10-15 күндүк тажрыйба алмашуу саякаттары уюштурулчу.

### Эгерим катуу айтышпады

Президентибиз Сауд Арабияга баргандан кийин дагы 500 кишиге квота берип, жалпысынан быйыл ажыга 3500 киши бардык. Ал жакта бардык система жакшы жолго коюлган. Ал эми бизден ар кандай адамдар барышып, кээ бир иши тескери жасап койгон учурлар болду. Ошондо да алар катуу айтышкан жок. Кайра жылуу сөздөрүн арнап, бизге кызмат кылып гана жүрүштү

### Намазга 22 жыл мурун жыгылгам

1993-жылы Түркияга окууга бардым. Ал жактан мугалимибиз: "Бурсада чоң атаңар Осмонгазынын сөөгү бар, ошол жакка барып куран окуп келесиңер" деп, жөнөп калдык. Осмонгазы атабыздын мүрзөсүнө барып куран окудук. Чыккандан кийин чоң мечит бар экен. "Кирип намаз окуйсуңар" деди. Намаз билбегендерге шарттарын түшүндүрдү. Намазды ошол жерден үйрөндүм. Бара-бара орозо да тута баштадым.

### Пайгамбардын осуятын так аткарышат экен

Намаз окуп, орозо кармай баштагандан кийин ажыга барып келүүнү максат кыла баштадым. Адегенде ички даярдык башталды. Китептерди алып окуп, сабактарга катышып жүрүп, бир топ нерселерди үйрөндүк. Ал жакта баары бир туугандай жүрүшөт экен. Себеби, Пайгамбарыбыз Мухаммед: "Мусулмандардын баары бир тууган, ошондуктан бөлүнүп-жарылуудан алыс болгула" деп айткан. Алар келген адамдардын баарын "Биздин кишилер" деп, Пайгамбардын осуятын так аткарышат экен. Биз Мадинада болдук, биз турган жер Пайгамбарыбыздын мүрзөсүнө жакын болчу. Аралык он мүнөттүк жол. Андан кийин Ухуд тоосуна жеттик. Ал жер Мединадан 5 километр алыстыкта жайгашыптыр. Ухут тоосунун жогору жагына чыга алган жокмун, асты жактарында гана ибадат кылып жүрдүк.

### Каабага киргенде өзгөчө сезим пайда болду

4 күндөн кийин ихрам кийип Меккеге жол алдык. Ал жерде бизге ихрам менен тапичкени бекер эле беришти. Меккеге түндө жеттик. Барганда эле Каабага кирдик. Биринчи жолу Каабага киргенде айтып бере алгыс өзгөчө сезим пайда болду. Ошентип, Каабаны жети жолу айландык. Ал маалда таң да атып калган экен.

Мен ал жерден Сириядагы согуш тууралуу уккан жокмун. Тескерисинче, адам өлтүрүү чоң күнөө экенин айтышты.

Бизге бөлүнгөн жатаканалар аябай таза экен. Ал жерге аалымдар келип, адам болуп жашаш керегин, жан дүйнөнү аруулоо, Ислам динин туура жеткирүү деген темаларда жакшы баяндарды куруп беришти. Кайтарда аябай башкача болосуң, "Мындай жерди эми көрө аламбы, Жараткан мага мындай берекелүү жерди кайтадан басууга насип кылабы?" деп көздөн жаш токтобой, жүрөгүң бир башкача болот.

### Ансыз да убактыбыз өтөт-кетет

Коммунист бойдон калыш керек деген адамдарга айтарым: "Бир жолу болсо да барып келгиле. Ансыз да убактыбыз өтөт-кетет,эгер ажылык кылууга барсак бир айыбыз, ал эми умрага бара турган болсок, жети күнүбүз гана сарпталат. Сен ал жерди өз көзүң менен көрсөң, анда сен коммунисттик түшүнүктөн кайтып, жан дүйнөң арууланат эле".

### Жамгыр челектеп төккөндөй жааган

Ал жерде күн-түн дебей, элдин баары келе берет экен, кантип батып жатканына таң каласың. Биз барган жылдары Меккеге булут жакындап келген. Ал булутта Аллах деген жазуу бар болчу, түшүнгөнгө бул да бир керемет. Узак убакыт Меккеге жаан жаабай, анан жааганда ушунчалык сүйүнүп дуба кылышып, Аллага мактоолорду айтышып, жамгырда көл-шал болуп турушар эле. Жамгыр челектеп төккөндөй жааган.

### Замзамда бардык витаминдер бар

Замзам үч булактан келип кошулат экен. Аны ичсең, эч кандай курсак ачпайт, кайра ден соолукка өтө пайдалуу. Изилдөөчүлөрдүн айтымында, ал сууда бардык витаминдер бар экен. Ал суунун даамы, биздин суулардан айырмаланып турат. Суунун муздактыгы жана даамы биздин булактын сууларына окшоп кетет экен. Замзам суусун ичүүгө, тамак жасоодо гана уруксат берген экен.




Материалды даярдаган
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Канаттуу акын

"Кыска, бирок, мазмундуу өмүрүндө Алыкул Осмонов кыргыз эли кылымдарга сыймыктангыдай ажайып мурас калтырды. Мезгил өткөн сайын Алыкулдун чыгармачылык аброю улам артып, зоболосу бийиктеп баратат" А.Атамбаев


ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

## Алыкулдун жүз жылдыгы белгиленди

29-октябрда Т.Сатылганов атындагы Улуттук филармонияда алп акын Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгы мамлекеттик деңгээлде расмий белгиленип, президенттин атынан куттуктоо сөздү президенттик аппараттын жетекчиси Фарид Ниязов окуп берди.

Куттуктоодо Алыкулдун кыска, бирок мазмундуу өмүрүндө кыргыз эли сыймыктанып жүрө тургандай көөнөрбөс мурас калтырганы, мезгил өткөн сайын Алыкулдун чыгармачылык кадыр-баркы улам артып, зоболосу бийиктеп бара жатканы тууралуу, залкар акындын адабияттагы дүбүртү "Буудан болуп, таскак салып" кылымдарга жаңырып, ар дайым Мекенди сүйүүгө, жаратмандыкка жана бийик адамгерчиликке чакырып, элибиздин жүрөгүндө жашай берери тууралуу айтылган.

Улуу акын А.Осмоновго бийликтин мындай сый-урмат көрсөтүүсү – кубантарлык иш. Анткени, А.Осмонов кыргыз профессионал адабиятындагы жылдызы өзгөчө жанган, артына жарык из салган, сый-урматка татыктуу инсан эле. Гезитибиздин бул санында аздыр-көптүр болсо да "Канаттуу акын" тууралуу кеп кылмакчыбыз.



Алыкулдун жалган дүйнө менен кош айтышканына жарым кылымдан ашуун убакыт өтсө да, көркөм мурасы бүгүнкү күндө актуалдуулугун жоготпой, руханий баалуулугун арттырып келет. Кыргыз барда акындын калемине таандык канаттуу ырлар кылымдардын кыйырына кетет. Себеби, алп акын өзүнүн беш күндүк өмүрүндө түбөлүктүү темаларды козгоп, турмуш чындыгын ырга айландырган. Алыкул кылымда сейрек жаралуучу керемет инсан. Жөнөкөй жашап, бараандуу мээнет кылган. Шык-талантын, калемин эмгек менен курчутуп, аз өмүрүндө кыргыз поэзиясы үчүн нар көтөргүс кызмат көрсөткөн. Элдик оозеки чыгармачылыктын таасиринен чыга албай жүргөн кыргыз поэзиясын союздук деңгээлге көтөрүп, улуттук профессионал адабиятыбызды калыптандырууга Алыкулдун кошкон салымы зор.

## Алыкул баскан катаал жол

Алыкул Осмонов Сарөзөн Чүйдүн этегиндеги Каптал-Арык деген айылда кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Жаштайынан ата-энесинен ажырап, 1925-жылы Совет мамлекетинин камкордугу менен Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Кийинчерээк бул балдар үйү Токмокко көчүрүлөт. Алыкул 1928-жылга чейин ошол жерде тарбияланат. Балдар үйүнөн көркөм адабий китептерди окууга кызыгы артып, өз алдынча чыгарма жазып көрүүгө да аракеттенет. Он төрт жаш, өспүрүм курагында борбордогу Педагогикалык техникумга өтүп, окуу жайдын алдындагы адабий ийримдерге катыша баштайт. Ушул жерден орустун классик жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы "Сабаттуу бол" газетасынын сентябрь айындагы санына "Кызыл Жүк" деген тунгуч ыры басылып чыгып, чыгармачыл тушоосу кесилет. Техникумда окуп жүргөн жылдары анын ырлары газета-журналдарга тынбай жарыялана баштайт. Окууну 1933 жылы аяктайт.

Алыкул өз өмүрүн чыгармачылыкка арноону чечет. Көп нерсеге ынтызар акын дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн казып окуп, билимин, акындык тажрыйбасын жогорулатат. 1935-1950-жылдардын аралыгында "Таңдагы ырлар", "Жылдыздуу жаштык", "Чолпонстан", "Махабат", "Жаңы ырлар", "Менин жерим – ырдын жери" деген ыр жыйнактарын жарыкка чыгарды. 1950-жылы "Мой дом" аттуу ырлар жыйнагы орус тилинде басылып чыккан. Бул китеп жакшы баага арзып, Алыкулду жалпы союзга таанымал кылган.

Мыкты ырларды жазуу менен бирге, чебер котормочу да болгон. Кыргыз окурман журтчулугун чыгыш адабиятынын үлгүлөрү менен, дүйнөлүк көркөм адабияттын көркөм дүйнөсү менен алгачкылардан болуп тааныштырган.

Өзгөчө акындын грузин элинин көркөм байлыгы Шота Руствелинин "Жолборс терисин жамынган баатыр" поэмасын которгондогу ийгилиги тууралуу айтсаң, сөз жетпес. Анын котормосу кыргыз айылдарын аралай чаап, жаңы төрөлгөн наристелерге Тариэл, Нестан, Автандил деген ысымдар ыйгарыла баштаган. Котормону окуган окурмандар чыгармадагы кейипкерлердин кайгысына кошо кейип-кепчишсе, бакыттарына тең ортоктош болгон.

Шекспирдин "Отелло", "Он экинчи түн" аттуу терең трагедиялуу драмаларын чебер оодарып, театр сүйүүчүлөрү үчүн да кыргыз тилиндеги мыкты которму камсыз кылган. Ушунун өзү эле кесипкөй сынчыны Алыкулдун чыгармачылыгына тескери баа берүүгө батынбай турганынын далили болот. Өзүнө талапты коё билүү жагынан кыргыз акын-жазуучуларынын бири да Алыкулга теңдеше алган эмес. Жазгандарына терең баа берип, басмага даярдаган айрым чыгармаларын өрттөп ийген учурлары да болгон.

1945-1950-жылдары чыгармачылыгы гүлдөп-өнүгүп, өздүк да, улуттук да поэзияга бурулуш жасоо мезгили дал ушул учурларга туш келген. Ажалдын жакындап келатканын сезгендей, ушул маалда өжөрлөнүп, кайрат-күчүн болушунча жыйнап, талыкпай иштеди. Так ушул жылдарда татаал тагдырынын мазагына карабай, ага эрегише өлбөс-өчпөс чыгармаларды жаратып кетти.

## Ата журт

Ал адамзат жер үстүнөн жоголуп кеткенге чейинки сүйүү, өмүр, өлүм, эмгек, адамгерчилик, атуулдук милдет – Ата журт тууралуу жазды. Кемчиликсиз жазды. Поэзияда жаңы формаларды таап, жаңычыл акын катары таанылды. Алыкулдун ырларынан жашоого, махабатка, Ата журтту сүйүүгө болгон сезимиң тирилип, канатыңды күүлөй баштайсың. Ошентсе да, акын өзүнүн жазганына өзү ыраазы болгон жок. Жаш өмүрүн тымызын уурдап бараткан илдетке карабай, кан түкүрүп отурса да, жаңы нерсени жараткысы келди. Түбүнө жеткү оорунун түн күзөтүп отурганын сезгендей, уйкудан калып жазды. Тагдырга, ооруга эрегишкен акын тынымсыз изденди. Алыкулду акындыктын туу чокусуна алып чыккан касиет мына ушунда эле.

Алыкулдун "Ата журт" ырын окуганыңда, көз алдыңа балалыгың, өтүп кеткен атаң-энең тартылып, сөз менен айталбай, буулуга түшөсүң.

*"Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүрсүң,*
*Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп...*
*Суугуңду өз мойнума алайын,*
*Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!*
*Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,*
*Наалат келип, ат тизгинин шарт буруп...*
*Азабыңды өз мойнума алайын,*
*Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!*
*Жазда башка... Жел тийбесин абайла,*
*Көпкө турбас мобул турган сур булут.*
*Бүт дартыңды өз мойнума алайын,*
*Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!"* деп Ата журт сага эмес, сен ага кантип кызмат кыларың тууралуу ойго салат. Көпчүлүк акындар Ата журттун сага болгон камкордугу тууралуу жазышса, Алыкул Осмонов Ата журтка кам көрүп, аяр мамиле жасап жаткандай туюлат. Акын Ата журтту эң бир жакын, аялуу, ыйык адамыңдай элестетет. "Бүт дартыңды өз мойнума алайын" деп адамдык, атуулдук парзын аткарып тургансыйт. Чындыгында, Алыкулдун Ата журттун алдында аткарып кеткен атуулдук милдетин өрнөктүү деп айтсак болот.

## Акындын эмгеги бааланды

Алыкул жазганына өзү ыраазы болбой жүрүп, алышкан оору менен кармашып, болгону отуз беш жаш кырчын курагында бул өмүр менен коштошуп кете берди. Жаш кетсе да, элине ак дилинен кызмат кылып, келечек муундар үчүн көөнөрбөс көркөм мурас калтырып кетти.

## Кыска-нуска сүртүмдөр


Көзү өткөндөн кийин республиканын Ленин комсомолу атындагы эң биринчи жаштар сыйлыгынын лауреаттыгы ыйгарылган.

Кыргызстан жазуучулар союзу тарабынан Алыкул атындагы адабий сыйлык негизделген. Бул сыйлык калемгерлер арасындагы бүткүл союздук деңгээлдеги "Ленин" сыйлыгы жана Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлыгынан кийинки үчүнчү орунда турган.

Кыргызстандын аймагында Алыкул Осмоновдун сүрөтү 200 сомдук купюрага түшүрүлгөн.




Т.Сатылганов атындагы Улуттук филармония. Алыкул Осмоновдун 100 жылдык маарекеси



# Эң толук аялдын кызы талаада калды



Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында көптөн бери ашыкча салмактан жабыркап, анын айынан төшөктөн турбай калган 37 жаштагы оорулуу Барчынай Эталиева каза болду. Аркасында кичинекей кызы калды. Кудай буюруп, оорудан жөнүгүп кетсем, кызымды жетелеп сейилдейт элем деген кыялы ишке ашпай калды

АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

Буга чейин ЖМКларга берген маектеринде, маркум өтө эле кооптуу оору менен ооруп, мамлекеттен алган 2000 сом пенсиясы эч нерсеге жетпегендиктен, азык-түлүк, тамак-аш жагынан эл каралашып жатканын айткан. Барчынайдын айыгуусу үчүн чет өлкөдөн жасалчу операцияга 20 миң АКШ доллары керек экенин айтып, 1 сомдон болсо да жардам берүүсүн суранып, оорудан айыгып кетсе, анда акчанын баарын кайтарып берерин айткан. Маркум апасы каза болгондон кийин, туугандары менен жүз үйрүп кетишкенин, кызынын өзүнөн башка багар-көрөрү жок экенин да маалымдаган.

А бүгүн Эталиеванын каза болгонуна аз эле өтпөй, үйү талашка түштү. Анын үйүн Нигара Абдурахимова аттуу жаран бир катар документтерге кол койдуруп, алдамчылык жол менен сатып жибергенин Барчынай Эталиеванын бир тууган иниси жалдаган адвокат Жылдыз Жумаканова билдирди.

### "Кызына үйүн кайтарып бергиле"

Ысык-Ата районундагы "Гүлзат" балдар борборунун жетекчиси Гүлина Аманкулованын маркум Барчынай Эталиеванын кызы Зыйнат Эталиеванын кичинекей кызга боору ооруганы, үйүн кайтарып берүүсү үчүн чындыкты издеп жүргөнү билинип турду: "Үстүбүздөгү жылдын 6-августунда Барчынай Эталиева кызын кабыл алуусун суранган арыз менен биздин борборго кайрылган. Ал ден соолугунун начарлыгынан улам кызын сабакка алып бара албай, аргасыз бизге өткөргөн. 2-сентябрь күнү Барчынай Эталиева каза болду деген кабар келди. Ошондон бери Зыйнат бизде. Ал эже жалгыз бой эне жана II группадагы майып болгондуктан, кыздын документтери кароого алынган. Барчынайдын иниси Замир Жанболотов, эжесинин үйү башка бирөөнө өтүп кеткендиги тууралуу документтерди алып келип берди. Биз дайыма ушундай иштер менен иштеп жүргөн Жылдыз Жумакановага юридикалык жардам берүүсүн өтүнүп кайрылдык. Кайрылуубуздан кийин жүргүзүлгөн териштирүүдө Барчынай эженин үйү алдоо жолу менен башка бирөөлөргө өтүп кеткенине күбө болдук. Кубанычбек Абдыразаков жана Бакыт Давлетов аттуу жарандардын аракетинен улам Барчынай эженин үйү башка адамдарга өтүп кеткен экен. Үйдү алган адамдарга Кудайдан коркуп, ушул кенедей кызды үйсүз калтырбай кайтарып беришин суранат элем. Биз буга чейин бул адамдарга жолукканга аракет кылдык. Давлетов Бакытка жолугуп, "Кичинекей кызды ая!" десем, ал сүйлөшүүдөн да баш тартты. Эже тирүү кезинде өзү жалдаган адвокаты бар экен, ал киши да толук маалымат берген жок. Болгону ал Барчынайга берген убадама туруп ишти ушул убакка чейин чоюп бергениме рахмат дегиле деген гана сөзүн айтты".

### "Күрөөгө коёбуз деп сатып жиберишкен"

Барчынай Эталиеванын бир тууган инисинин адвокаты Жылдыз Жумаканова бул үй кандайча башка бирөөгө өтүп кеткенин төмөнкүчө баяндайт: "Мага 4-сентябрь күнү Ысык-Ата районунун "Гүлзат" балдар борборунун жетекчиси Гүлина Аманкулова жана маркумдун иниси Замир Жанболотов жардам сурап кайрылышты. Барчынай Эталиева 2013-жылы февраль айында Давлетов Бакытка өзүнүн үйүн 6600 долларга сатты деген документ бар. Бирок 2013-жылдары мындай үйлөрдүн орточо баасы эле 17 миңдин тегерегинде болчу. Бул жерде Нигора Абдурахимова Нарын районун тургуну күйөөсү Камчыбек Усейинов (мурунку фамилиясы Абдыразаков) экөө алдоо жолу менен үйүн үчүнчү тарапка сатып жиберген. Бул эки жаран "Биз ун сатып бизнес кылат элек, үйүңдү күрөөгө коюп, бизге акча алып берип турсаң, акча алып бергениң үчүн 50 миң сом сыйлык беребиз" деп эженин үйүн күрөөгө койдуртат. Эже нотариуска күрөөнүн келишими жазылат экен деп барган. Бирок ал жерден үйдү сатуу келишими түзүлүп, эженин үйү сатылып кетип атат. Бул үйдү сатуу документтеринде, тил кат бар экен. Алар Барчынайга өзүнүн таанышы Бакыт Давлетовду ала келишкен. Барчынай бул адамды күрөөгө ала турган киши экен деп алданып калган. Барчынайдын ишенимине кирип, эки жаран анын үйүн 6 миң 600 долларга сатып ийишкен. Барчынай өзү иштебегендиктен жана анын 2009-жылы төрөлгөн кичинекей кызы болгондуктан 50000 сом сыйлыкты ала турууга макул болгон. Барчынайдын үй-бүлөсү жана кичинекей кызы бул алдамчылык жолдун айынан үйүнөн айрылышты. Маркумдун үйүндө Замирдин иниси да катталган, бирок үй сатылганда ага бул тууралуу эч кандай маалымат түшкөн эмес"

### "Эжемден башкаларды да алдашкан экен"

Маркум Барчынай Эталиеванын жээни Уланбек Усупов Нигора менен Камчыбектен эжесинен башка адамдар да жабыркаганын айтты: "Биз Камчыбек менен Нигоранын үйүнө сүйлөшүүгө бардык. Нигора башында "Мен аралашкам. Тил кат жазып бергеним анык" деди. Кичинекей Зыйнат жетим калганы аз келгенсип, үйү жок калды. Бул үйдө катталган адамдар да мураскор болчу. Бирок Свердлов соту бул жагдайды эске албай туруп, сатууга уруксат берип ийген. Бул эки жаран маркум эжебизден башка адамдарды да алдап жүргөн экен. Эжем кайгысынан улам жаш кезинде кулак-мурдунан кан агып отуруп каза болду. "Бул үйдү дагы алдырдым, кызыма келечекте кандай тарбия бере алам" деп айткан эле. Эжемди буга жеткизген Нигора менен Камчыбек".

Өзүн Барчынай эженин кошунасымын деп тааныштырган эже, маркум баса албай кыйналып жүргөнү үчүн, азык-түлүккө барып, кызын бала-бакчага алып барып бир жыл каралашканын айтат. Кошунасы ыраматылык каза болгонго чейин Нигора Барчынайдын үйүнө келип жүргөнүн көрчү экен.

### "Үй күрөөгө коюлганын билчү эмесмин"

Өзүн маркумдун инисимин деп тааныштырган Замирбек Жамбулатов эжесинин кызын өз камкордугума алам деп кайрылганда, бойдоктугуна байланыштуу Зыйнатты карамагына алууга балдар үйү уруксат берген эмес. Таякеси үйдү кайтарып алып, жээнин өзү тарбиялоону каалайт. "Эжемдин үйүндө катталгам, ошол жерде турам. Мен деле жакында келгем. Жумуштар менен келип, кетип жашап жүрчүмүн. Бул үй күрөөгө коюлганын билген эмесмин. Мен келгенден кийин эжем кайтыш болуп кетти".

Барчынай Эталиева оорунун айынан бул дүйнө менен кош айтышты. Ал эми кичинекей Зыйнат Эталиева апасынан да, үйүнөн да бир убакта айрылып, балдар борборунда тарбияланууда. Тилекке каршы, маркумду алдады делип шектелип атышкан Нигора Абдурахимова, Камчыбек Усейиновдор менен байланыша алган жокпуз.

# УКМКнын абагында отурган Алмазбек Абеков ачкачылык жарыялады

Кечээ 4-ноябрда кечке жуук кабар алганыбызда УКМКнын тергөө абагында жаткан Алмазбек Абековдун жактоочусу Абаз Мамбетакунов: "СИЗОго кирип чыктым, Абековдун оозунан жагымсыз жыт чыгып, өңү бозоруп, кан басымы 80-100гө чейин төмөндөп кетиптир. Бирок акыл-эсин жоготпой эле абалы жакшы. Буга чейинки ачкачылык окуяларына таянсак ачкачылыктын биринчи күнү жакшы эле өтөт. Ал эми 4-5 күндөрү кыйналуу башталат. Ал тамак жебей, суу да ичпей жатат. Алмазбектин суранычы боюнча аны өзүнчө камерага киргизишти. Абеков Башкы прокуратуранын өкүлдөрүн күтүп жатат. Алар чечим чыгарганга чейин ачка отура бермекчи" деди.



Жактоочу Абаз Мамбетакунов

Бир күн мурун 3-ноябрда УКМКнын тергөө абыгында отурган Алмазбек Абековдун конституциялык укуктары бузулду деген анын жактоочусу Абаз Мамбетакунов. "Алмазбек Бишкек шаардык сотунун судьялары Воронцова жана Бранчаевага: "Мага паспортумду бергиле, биометрикалык каттоодон өтөйүн. Каттоодон өтпөсөм шайлоодо добушту бере албайм " деп кайрылат. Судялар бул суранычты көзгө илбей коюшкан. Ошого байланыштуу Алмазбек Башкы прокуратурага кайрылат. Ал жактан жооп келбейт. Ошол күндөн тарта Алмазбек ачкачылыкты жарыялаган. Башкы прокуратуранын өкүлү Асанбеков келип "10 күндүн ичинде биз процессуалдык чечим кабыл алабыз" дейт. 10 күндөн кийин Башкы прокуратурадан: "Чын эле мыйзам бузуулар бар экен" деген жооп келет. Башкы прокурор соттордун кылмыш иш козгоо боюнча чечим чыгарганга ыйгарым укугу бар. Кылмыш ишти козгоодон баш тартсын же козгосун. Бизге башка эч нерсенин кереги жок. Эмне үчүн Алмазбек Абеков добуш бере албайт деген маселе жаралып атат. Буга кимдин күнөөсү бар. Күнөөлүү адамдарды мыйзамдуу жоопко тартыш керек. Воронцова менен Бранчаева ыйгарым укуктарын колдонуп Абековдун добуш берүүсүнө тосколдук кылды. Башкы прокурор Алмазбектин ачкачылыгы боюнча жеке өзү жоопкерчилик алышы керек. Ал 4 жылдан бери түрмөдө, ачкачылык анын ден-соолугуна зыян алып келет." деп жактоочу: ЖМКлар аркылуу тиешелүү аткаминерлерге кайрылды.

# Россия, мунай жана диктаторлошкон Эрдоган

Кылымдар бою уланып келген геосаясий оюндар XXI кылымда аналитиктерге гана эмес, карапайым калкка да түшүнүктүү боло баштады. Компаниялардын акциясы менен ойногон соода биржасы сыяктуу Сириядагы согуш аймагы да АКШ менен Россиянын аброюн жогорулаткан же түшүргөн жер болуп калды

ЭСЕН ӨМҮРАКУНОВ



### Россия Жакынкы Чыгышта ким менен?

Гезитибизде буга чейинки чыккан макалада Россиянын Сириядагы согушка киргенинин негизги максаты – мунайдын баасын жогорулатуу экенине токтолгонбуз. Владимир Путин экономикасынын башка тараптарын да өнүктүрөм деп аракеттенип келет. Бирок мунай менен газ орустардын бюджетинин олуттуу көлөмүн толтуруп турган жападан жалгыз киреше булак. Орус аналитикеринин эсептөөсүнө караганда Россия "Ирак жана Шам Ислам мамлекети" делген террорчу топтун базаларын бомбалоого күнүнө 2,5–3 млн. АКШ долларын коротуп жатат. Украинанын чыгышындагы Донецк жана Луганск марионеткалык режимдерин камсыздоого да каражат керек. Афганистан менен чектешкен мурун СССРге кирген мамлекеттердин чек араларына жакын АКШнын тутандырып келе жаткан отту өзүнө ылайыктуу багыттоо чыгашалары да бар.

Россиялык эң абройлуу гезит "Аргументы и факты" бул чыгымдын баарын толтуруу максатында орустар Сириядагы тирешүүгө канчалык терең кирет деген суроого жооп берген. Гезиттин "Бизге кандай мунай керек?" деген суроосуна экономист Владислав Жуковский "Россиянын экономикасы акыркы 4 айда ай сайын 5%га жыйрылып баратат. Бир баррель мунай 107 $ турса, азыр 43 $га чейин түшүп кетти. Жакынкы Чыгышты толук камтыган согуш болгондо гана мунайдын туруктуу баасы 70–85 $га чыгат. Баасы 120 $га чыккан мунай гана Россияны сактап кала алат" деп жооп берген.

Ошондуктан азыр Россия Сирия менен Иракта шиитер жана террорчу коммунист күрддөр менен туруктуу мамиле түзүп, аларга колунан келишинче жардам берип келет. Себеби, Сирия менен Иракты бийлеп келе жаткан шиитер тобунун аркасында мунайдын баасынын жогорулоосун каалаган Иран турат. Террорчу-коммунист күрддөр Ирак жана Сириянын Түркия менен чектешкен жерлеринде агрессивдүү атеисттикке негизделген үлгүлүү мамлекет куруп чыгуу мүдөөсү бар. Эгер динбезер күрддөр Кобани шаары сыяктуу аймактардан башка улуттагы мусулмандар менен аларга диндеш күрддөрдү сүрүп чыгара алса, Түркия аркылуу аткезчилик менен сатылып жаткан арзан мунайдын түтүктөрүн көзөмөлгө алышат. Мында Россия көп каражат коротпосон эле Жакынкы Чыгышта кызыкчылыгынын нугунда иш кылган режимдерди орното алат. Орустарын ушул сыяктуу пландарын жеңилдеткен же оорлоштурган бир нече фактор бар. Бул тууралуу макалабыздын үчүнчү бөлүмүндө баяндамакчыбыз.

### Россия диктаторлорду колдоого мажбур

2001-жылдын 11-сентябрында Нью-Йорктогоу "эгиз мунаралардын" кыйрашын шылтоо кылган АКШ баш болгон батыш өлкөлөрү Жакынкы Чыгышка киришип, аймактын иштерин түздөн-түз тескеп баштаган. Авторитардык, көбүнесе диктаторлук ыкма менен башкарылып келген, түрдүү улуттук жана диний топтордон турган бул аймакта узакка созулган турукуздук башталган. Батыш Иракта сунниийлерден турган өкмөт четтеп, шииттердин келүүсүн камсыздаган. Сирияда мунун тетирисин кылып шииттердин бир бутагы алевиттердин өкүлү Башар Асадга каршы суннийлерге жан тартып келет. Мындай аракеттер АКШнын максаты – Россиянын негизги кирешеси – мунайдын баасын төмөндөтүү экенин кабарлап тургансыйт.

Мунайдын баасынын төмөндөөсү кайрадан өздөрүн дүйнөлүк масштабдагы оюнчу катары сезе баштаган Россияга катуу сокку болду. 2014-жылы коңшу Украинада батышчыл күчтөрүнүн ыңкылап жолу менен бийликке келүүсү, сиркеси суу көтөрбөй баштаган орустарды безге сайгандай эле болду. Ошентип Россия да Жакынкы Чыгышка кирип барып, аймактын суу жүрөк көпшөк лидерлерине күч көрсөтүүгө өттү.

Россиянын мындай күтүүсүз аракетинен бир аз алдастай түшкөн батыш, орустарга ыктап бараткан бардык өлкөлөрдө дипломатиялык оюндарды баштады. Бул оюнда Россия коррупцияга белчесинен батып калган азыркы режимдерди сактап калуу менен мунайдын баасы көтөргөнгө аракеттенсе, батыш тетирисинче диктаторлорго каршы топторду колдоп, мунайдын кунун төмөндөтүү менен алек.

### Үй бүлөлүк башкарууга өткөн Эрдоган орустарга жардам бере алат

Серепчилер Түрк президенти Тайип Эрдогандын жана анын Адилеттик жана өнүгүү партиясынын (АӨП) демократиянын даңгыр жолунан авторитарлыктын туңгуюгуна кептелүүсүнө Фетхуллах Гүлендин "Кызмат" кыймылы себеп болду дешет. Бул кыймыл 1960-жылдан баштап Түркияда бала бакчалардан тартып университеттерге чейин жеке менчик билим берүү мекемелерин ача баштаган. Ал жерден окуп, тарбия алган жаштар өздөрү окуп чыккан билим берүү системасын каржылай башташкан. Бул тайпаны колдогондор мамлекеттин бардык тармактарында активдүү иштеп, ар тармагы кризиске учураган Түркиянын ирденүүсүнө өз салымын кошушкан. Аталган кыймылдын мүчөлөрү 2001-жылы Евробиримдиктин стандарттарына аракет кылам деген Эрдогандын Адилеттик жана өнүгүү партиясын (АӨП) активдүү колдоп чыккан. АӨП 2002-жылдын 3-ноябрында 36,63% добуш алып, жалгыз өзү өкмөт кура алган. Берген убадаларына бекем туруп, түрктөрдүн тышкы карыздарын төлөп, мамлекетинин бардык тармактарынын тез өнүгүүсүнө шарт түзгөн партия 2007-жылкы шайлоодо 46,58%, 2011-жылы 49,53% добуш алганга жетишкен.

Акчага зар болуп жашаган адам, чоң акча колуна тийип калса, өзүн жоготуп коёру маалым. АӨПтүн аркасы менен жер-жерлердеги бийликке келген тайпа, дининин да, мамлекеттин да мыйзамын көзгө илбей, уят-сыйытты жыйыштырып байый баштаган. Тендерлерди каалаган кишилерге уттуруу, айыл чарба жерлерин карапайым элден ит бекер алып, кайра миллиондогон лирага сатуу, согушуп жаткан Ирак менен Сириядан мунайды суудан арзан алып, аларга курал сатуудан жана башка нерселерден АӨПтүн лидерлери май кесип, бармагын жалай башташкан.

Мунун аркасы менен Түркияда 2014-жылы кийин "17- жана 25-декабрынын окуялары" деп аталган саясий кризис башталган. 17-декабрда Эрдогандын 3 министрининин уулдары баштаган 24 адам камакка алынган. Үйлөрүнө полиция тинтүү жүргүзүшкөндө, сейфтерден, бут кийим кутуларынан чоң суммадагы доллар жана евролар чыккан. 25-декабрда прокурор Муаммер Аккаш дагы 30 кишини камакка алуу тууралуу документ даярдаган. АӨП тез арада Стамбулдун полис амирин бошотуп, башкасын алып келген. Ал Аккаштын буйруктарын аткарбай, калган шектүүлөрдү камакка алуудан баш тарткан. Акыры бул иш үч министрдин отсавкасына жана Тайип Эрдоган менен Фетхуллах Гүлендин ачык араздашуусуна алып келген. АКШда жашоого мажбур болгон Гүлен Эрдогандын наарazылыгына: "Биз балдарды кенедейинен "Арам тамак жебе, бирөөнүн акысына кол узатпа" деп өстүрсөк. Анан алар чачы агарганча кылмыштуулук менен күрөшүп, шаардык полистердин башына келген кезинде, баланчалар уурдаса да тим кой" десек кандай болот?" деген таризде жооп кайтарган.

2015-жылдын 7-июнунда өткөн парламенттик шайлоодо АӨП 40,8 % гана добуш алып, өздөрү жалгыз өкмөт түзө албай калган. Буга чейин эле кеңири куугунтукка алынган, өлкөнүн бардык тарабында жайгашкан Гүлен кыймылынын бала бакча, мектеп жана университеттери тинтилип, иштери аксатылууда. "Бизге 400 депутат бергиле, бул иш тынчтык менен бүтсүн" деп Эрдогандын өз калкын бурчка такаган сөзүнөн кийин өлкөнүн керектүү жерлеринде жардыруу жана атышуулар башталган. АӨП акыры демократиялык принцип жана стандарттарга бекем турган ЖМКларды биринин артынан бирин жабууга өттү. Бул партиянын мындай аракеттери алар үчүн оң натыйжа берип, өткөн жекшемби 1-ноябрдагы кайра уюштурулган шайлоодо Ахмет Давутоглу баш болгон АӨП 22,5 млн. жаранын же болбосо 49,2% добуш алып, кайра өзү жалгыз өкмөт түзө алганга жетишти.

Россиянын экономикалык акыбалынан улам "Түрк агымы" деп аталган мунай-газ долбоору аксап баштады. Жакындарынын мунай аткезчилигинен таап жаткан миллиарддаган кирешелерин орустардын Сириядагы соккусу бууп жатканына карабастан, Эрдогандын Путинге ыктаганы ыктаган.

Мунун бир нече себеби бар. Биринчиден, Путин Эрдоган тарап үчүн өлкөнү мамлекеттик капитализм жолуна салуунун моделине айланды. Экинчиден, 1-ноябрдагы шайлоодо партиясын жеңишке жеткирген Ахмет Давутоглу Эрдогандын марионеткасы болуудан чыгып, анын жакындарына ачылып, бирок күч менен токтотулуп турган коррупциялык иштерди кайра жанданта баштаса, качар жери да "диктаторлордун пансионуна" айланып бараткан Россия.

# «Казак агайындарды утсак деген көксөө бар»

“Тоолордо тоодой өмүр бар” деп бекер айтылбаган чыгар. Айтылуу Суусамыр өрөөнү Кожомкулдай балбаны, чоюн билек, эр жүрөк улакчылары менен атагы чыккан аймак. Суусамырдын суугуна бышып, ат жалында өскөн улакчы Султан уулу Кубаныч сыймыктуу өнөр улакчылык тууралуу маек куруп берди




**Туулган жылы:** 1992-жыл, 28-октябрь
**Туулган жери:** Чүй облусу, Суусамыр өрөөнү, Биринчи-Май айылы
**Бою:** 175, **салмагы:** 80 кг
**Үй-бүлөлүк абалы:** бойдок
**Катар номери:** 2
**Учурда:** “Сарыөзөн” командасынын өкүлү
**Минген аты:** Байтур, 2 асый
**Жетишкендиктери:** КР Президенттик Кубогунун чемпиону (2013)

**– Улакчылык сизге каныңызда барбы? Дегеле канча жашыңыздан тарта улак тартасыз?**

– Ата-тегимде улакчылар деле жок. Үйдөн эң биринчи улак тарткан менмин. Ошондон улам бул өнөр Кудай Таала берген талант окшойт деп ойлойм. Ат жалын тартып мингенден бери улак тартам. Ал эми командалык улакка 21 жашымда кошулгам.

**– Алгачкы ирет кайсы командада ойнодуңуз эле? Жалпылап алганда, спорттук карьераңызда кайсы командалардын намысын коргодуңуз?**

– Алгачкы жолу калың элдин алдында командалык улакка Үсөн Кудайбергеновдун турниринде “Суусамыр” командасынын катарына түшүп, «эң мыкты оюнчу» деген номинацияны алгам. Калың элдин алдына биринчи ирет чыккандыктан, аябай толкундангам.

**– Учурда сиз ойноп жаткан “Сарөзөн” командасы тууралуу айта кетсеңиз?**

– “Сарөзөн” командасынын курамынын басымдуу бөлүгүн Суусамырлык балдар түзөт. Калганы Чүйдүн Ысык-Ата, Аламүдүн районунун улакчылары. Команданын жетекчиси Жунусалиев Рамис, машыктыруучусу Шекитов Эрмек.

**– “Сарөзөндүн” оюнчулары башка командалардан улакты чаап баратып эңип кеткени менен айырмаланып турушат деп айтышат, команда ичинде өз ара атаандашуу барбы?**

– Бир команда болгондон кийин, андай атаандашуу жок. Командада ар бир оюнчунун аткара турган милдети бар. Оюнчулар эңе турган, чабуулчу, коргоочу, ортого чыгуучу болуп бөлүнөт. Команда ичинде Урмат Мусаев экөөбүз ортого чыгабыз, калгандары чабуулчу, эңүүчү, коргоочулар.

**– Көк бөрү башка спорттун түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат?**

– Негизинен көк бөрү акылга салып ойночу оюндардын бири. Жалаң гана кара күчкө сала берүү болбойт. Аттын кулагы менен тең ойносоң болду, улакчысың деген кеп эмес. Ат менен бала бири-бирине ык алганда гана оюн болот.

**– Улакта оюнчунун жан жолдошу минген аты делинет. Сиз минген Байтур ортодо жакшы оюн көргөзүп атат. Атыңызды кантип таптайсыз? Дегеле, аттардан Байтур башка аттардан эмнеси менен өзгөчөлөнүп турат?**

– Оюн башталаар алдында машыгуу болот, ошондо аттарды да кошо үйрөтөбүз. Биринчи мурда ортого турбаган аттар менен ойносок, кийин бара-бара ортого чыгып жүргөн аттар менен ойной баштайбыз. Анан аттын өзүнүн дээринен да болот. Байтур биздин командага жаңы келгенде, ортодо ойногонду билчү эмес. Акырындык менен үйрөндү, азыр ортого жакшы ойнойт. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы белгилүү аттардын бири десем болот. Байтурга чейин Байторуну мингем. Эки аргымактын айырмачылыгы Байтурдун техникасы Байторунукуна караганда ыкчамраак. Байтору да Кыргызстандагы эң күчтүү аттардын бири болчу, кийин Казакстанга сатылып кетти. Эр жигит болгондон кийин, ар кайсы атка минип көнүш керек. Улакта ат жакшы болсо, өзүң ар жагын улап тартып кетесиң.

**– Акыркы кезде көк бөрүгө болгон кызыгуу күн санап күч алууда, натыйжада колунда бар мекендештерибиз өз командаларына мыкты аттарды алып берип, болушунча сүрөөдө. Сиздин оюңузча, мурдагы көк бөрү оюну менен азыркы көк бөрү оюндарында айырмачылыктар барбы?**

– Азыр командалар жөөлөтүш, койдуруш үчүн ат издеп калды. Мурунку оюндар жеңил болчу. Кыргызстандагы баардык команда күчтүү деп эсептейм. Ар бир команда уталы деп чыгат. Азыр аттар да, балдар да күчтүү. Техника мурдагыдан ыкчам.

**– Көк бөрү Торпок улак, аламан улак, жер улак, жайма улак, командалык улак болуп бөлүнөт эмеспи. Сизге жогоруда саналып өткөн улактын түрлөрүнөн кайсы түрү жагат жана эмнеликтен жагат? Торпок улак тартып көргөнсүзбү?**

– Мага өзгөчө жакканы – аламан улак. Мында улакты моокумуң кангыча тартасың. Ал эми командалык улакта көбүрөөк ылдамдык керек. Бул жерде убакытка ойнойсуң. Улакка уттурсаң уттуруп коёсуң. Аламан улак эң жакшы. Торпок улакты тартып көргөн эмесмин. Балким келечекте тартып көрөм, негизинен кызыгам.

**– Көк бөрү Тажикстан, Өзбекстан сыяктуу бир катар өлкөлөрдө ойнолот. Анткен менен негизги атаандаштык кыргыздар менен казактардын ортосунда. Бирок, негедир казак агайындар менен мамилебиз солгундап калгандай, кокус казак жигиттери менен оюн талаасында жолугуп калсаңар, ата мекендик улакчыларыбыз намысты алдырбайт деп ишеничтүү айта аласызбы?**



– Ата мекендик улакчылар кыргыздын намысы үчүн жан аябай ойноого даярбыз деп ойлойм. Атаандашка алдырар-алдырбасыбыз бир Кудайдын колунда. Спортто карышылаш команданы алсыз деп эсептебеш керек, күчтүү деп эсептеш керек. Кудай буюруп, казак агайындар менен оюн талаасында беттешип калсак, утабыз деген көксөөбүз бар. Негизи, казак-кыргыз бир тууган эл болгондон кийин, аларды да чакырып, достук оюндарын өткөрүп турсак жакшы болмок.

**– Көк бөрү сиз үчүн?**

Көк бөрү жакшы көргөн туу туткан оюнум, эң сүйүктүү спортум. Улак тартыш илгертен келаткан, канга сиңген оюн. Азыр Кыргызстандагы элдин көбү сүйүп көргөн оюндардын бири деп эсептейм. Көк бөрү мен үчүн кумар деп айта алам, таңдан кечке тартсаң да, кумарың канбайт. Улак тартуу ден соолукту чыңдоо десек да болот. Ат үстүндө жүргөн кыргыз баласынын ден соолугу чын болот. Анткени, ат менен 12 мүчө бирдей кыймылдайт деп айтылат. Оюнга киргенде комага түшөмбү, жаракат аламбы деген коркунучтун баары эстен чыгып кетет. Канчалаган элдин астында оюн көрсөткөндөн ырахат алам. Көк бөрү нагыз эрдин оюну.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА



## Апасы Шаккулуева Эркайым: «Уулумду улакчы болот деп ойлогон эмесмин»

**– Учурда Кубаныч байке Суусамырдын эле эмес, атпай кыргыздын сыймына айлана алды десек болот. Уулуңуз улакчы болоорун билдиңиз беле? Кубаныч байкенин бул өнөрүнө кандай карайсыз?**

– Уулум улакчы болот деп деле ойлобопмун. Бул Кудай берген шык экен, өзү да аябай кызыгат. Азыр улакчылыгына түз эле көз караштамын. Баары бир энемин да, улакты көргөндө, жаным кейип, боорум ооруп кетет. Оюнду көрүп атканда, баламды ушунчалык аайм. Бирок кыйынчылыгына карабастан, кара жанын карч уруп ойнойт. Азыр уулум менен сыймыктанам.


**– Уулуңуз улакка кеткенде, санааркайсызбы же улакчылыгы көнүмүш адат болуп калдыбы? Ойнобо деп урушкан күндөрүңүз болду беле?**

– Адегенде жибергим келбей, каршы болуп жүрдүм. Ташта, кереги жок мунун деп урушкан күндөрүм болду. Балам көжөлүп туруп алганынан уруксат бердик.

**– Баласынын мүнөзүн энеден артык эч ким билбесе керек. Кубаныч байкенин мүнөзүн кандай?**

– Кичинесинде ээн баш болчу, азыр аябай жоош. Куулукшумдукту билбейт. Айтканымдан чыкпайт. Куйүмдүү, эмне керек, эмне алып келип берейин деп эле турат. Баламдын мүнөзүнө, тарбиясына ыраазымын.

# Антын аткара албай калса, айыбын тартат



**1.** Келинчегим Кыргызстанда. Көрүшө элегибизге 6 ай болду. Аны каржылап турам. Никебиз бузулбайбы?

*Ариет, Москва.*

**Жооп:** – Жубайлардын алты ай же андан ашык убакытка чогуу жашабай калуусу менен нике бузулбайт. Андыктан силердин никеңер сакталуу. Айта кете турган маселе: кээде алты айдан ашык убакытка чогуу жашабай калганда аялдын ажырашууга (өзүнө–өзү талак берүүгө, башын бошотууга) мүмкүнчүлүгү пайда болот. Бул төмөндөгүдөй шартта ишке ашат. Жубайлар жаңы нике кыйдыруу аземинде, кыз жигитке " алты ай мөөнөткө эч себепсиз, каржысыз (материалдык көмөксүз) таштап кетпейсиң", деген шарт койсо, жигит ага макул болуп, андан соң нике кыйылса, никеден кийин жогорудагыдай абал ишке ашса, аял алты айдан соңңкы күбө менен казынын алдында өзүнө–өзү талак берип башын бошотот. Ошол учурдан баштап, иддага олтурат. Бул маселе "Мажмаъул максудда" айтылган.

**2.** Ассаламу алейкум, Чубак ажы! Менде жүрөктү өйүгөн бир суроо бар. Бирге иштеген эженин сиңдисинин күйөөсү ичип келип, аялына үч талак берип коюптур. Алардын бир уулу жана боюнда бар. Азыр ажырашып кетишти, кайра жараштыруунун жолу барбы?

*Тахмина, Алай.*

**Жооп:** – Мас адамдын берген талагы ханафий мазхабын карманган аалымдардын пикиринде эсепке кирет. Анткени, арам оокат ичкени үчүн, жаза катарында берген талагы түшүп, азабын тартсын деген маанини каңкуулашат. А бирок, башка бирөө мажбурлап ичирсе же наркоз сыяктуу кайсы бир дарыны ичип мас болсо, бул учурларда мас адамдын берген талагы жараксыз болот.

Ал эми жумхуур (мааликий, шаафий, ханбалий) аалымдарында, ханафийлерден Кархий менен Тахаавийдин пикиринде мастын талагы түшпөйт деп айтылат. Анткени, ал арам ичкендиги үчүн хадд (балак) урулат. Шарияттa бир күнөөсүндө бир эле жазага тартылууга тийиш деп маселени башкача жоромолдошот.

Сиз айткан маселе боюнча, жубайлар имамга чогуу кайрылууга милдеттүү. Дин карманган адамдарга Кудай Таалам дайыма жакшылык ыроолойт. Жакшылыктан үмүт үзбөө керек. Менден сурай турган болсо, анда мага келип жолугушсун. Тээ, үйлөнгөндөн баштап баарын сурап, маселени чечүүгө аракеттенебиз. Кудай Таалам жакшылыктан айрыбасын, перзенттерибиз тирүүлөй жетим калбасын.

**3.** Алла Тааланын атын атап, бала–чакасы менен карганып берген антын аткара албай калса эмне кылуу керек?

*Айсулуу, Бишкек.*

**Жооп:** – Кудайдын аты менен касам ичкен учурда, аны аткара албай калса, каффарат төлөөгө милдеттүү болот.

**4.** Ар кайсы тармактардан жиберилген «тогуз адамга жибер, жиберсең бактылуу болосуң, жибербесең кыйынчылыкка кабыласың» деген каттарга ишенсе болобу?

*Бактыбек, Москва.*

**Жооп:** – Жок, бир тууганым! Андай жөө жомоктор менен бактыбызды курбайбыз, балким, тетирисинче кууратып алабыз. Бактылуулуктун башаты Кудайды таанууда, Ага кулчулук кылууда, пайгамбарыбыз алайхис саламдын сүннөтү менен жашоодо турат. Андай каттарды от тамызгы кылсаң да жарай берет. Бирок, кээде Кудай Тааламдын аттары жазылып калса, аны аздектеп өрттөп жиберүү керек болот. Ошондой эле башка динге чакырган китептерди да бийик жана таза жерге өрттөп жиберүү менен кутулабыз.

**5.** Азыр жөнөкөй элге ыңгайлуу, коркунучсуз жумуш болуп «Сетевой маркетинг» эсептелет. Бирок бул ишти арам акча табуунун жолу деп уктум. Ал андай эмес эле тескерисинче жардам берип келет. Эмне үчүн болбойт? Ушуга кененирээк жооп берүүңүздү өтүнөм!

*Марс, Бишкек.*

**Жооп:** – Ыңгайлуу жана коркунучсуз болсо эле адал болуп калбайт. Сиз айткан сооданын түрүндө алгачкы кошулган адам, башка адамдарды тартып келип, тартып келгени себебинен пайыз акча алат. Ал тартып келген адам башка бирөөнү тартып келсе, ал үчүн тартып келген адам да, тартып келгенди тартып келген да пайыз акчасын алат. Демек, жөнөкөйлөштүрүп айтканда баласынан да, небересинен да үлүш алат. Шарият боюнча «баласынан» үлүш алса болот, анткени, аны мээнет–эмгек менен чакырган. Ал эми «небересинен» үлүш алса болбойт, анткени, ага эмгек жумшаган эмес. «Небересинен» алган үлүш башка жарандардын акысын укуксуз алган деп бааланат.

**6.** Мурда үйлөнбөгөн бойдок жигит бир баласы бар аялга үйлөнсө болобу? Иштерим жүрүшү үчүн кайсы дубаларды окусам болот? Жалал Абадда илим ала турган жерди билсеңиз айтып койсоңуз, илим алайын дегем.

*Нурик, Москва.*

**Жооп:** – Бойдок болуп туруп, бир баласы бар аялга үйлөнсө болот. Бирок, эң жакшысы, мурда турмушка чыкпаган кызга үйлөнүү. Анткени анын мурдагы тажрыйбасы жок болгон себебинен, бардыгы жаңыдан башталып, жагымдуу шарттар, жагдайлар жаралат. Ал өз кезегинде үй–бүлөнүн бекем болуусун шарттайт.

Иштердин жүрүүсү үчүн атайын дубалар да бар. Дуба китептерди карасаңыз бир канчасы жазылган. Кыргыз тилине бул багытта бир канча эмгектер которулган. Мисалы: «Бекем чеп», «Мусулмандын коргону», «Маснун дубалар» ж.б.. Менин сизге бере турган кеңешим: Кудай Тааладан билген тилиңизде эле, чын ниеттен жалбарып дуба кылсаңыз баары ордуна келет.

**7.** Мүнүшкөрлүккө кызыгам. Бүркүт, куш, ителгини баккандa, аларга эт керек болот. Аны сатып алууга каражат жетпейт. Көгүчкөн же башка жаныбарларды атып берсе болобу? Динибизде орду кандай?

*Максат, Нарын.*

**Жооп:** – Ооба, сиздин шартыңызда атып берсеңиз болот. Анткени, ал ителги бош болгондо өзү деле ошол сиз атканды тутуп жемек.

**8.** Мен классташ кызымды мурда жакшы көрчүмүн. Ал турмушка чыгып ажырашып кетиптир, бир кызы бар. Азыр аны менен мамилем жакшы. Мен үйлөнө элекмин, ошол кызга үйлөнсөм болобу?

*Бектур, Москва.*

**Жооп:** – Болот. Толугураак жоопту жогорудан (№6 суроо) окуй аласыз.

**9.** 21 жаштамын, учурда Москва шаарында иштеп жатам. Кичине чогулткан тыйыным бар эле. Ошого ата–энемдин көзү тирүүсүндө ажылык милдетинен кутултайын дегем. Ушул кылганым туурабы же үйлөнүүм керекпи, үйлөнүү мен үчүн парзбы?

*Али, Москва.*

**Жооп:** – Ажылык милдети деп жатасың, ата–энеңбай болсо, ажылык милдет болот. Ага чейин нафил, мустахаб болот.

Үйлөнүү качан парз болот? Жаман ишке түшүп кетүү коркунучу бар болгон учурда парз болот. Ага чейин сүннөт. Өзүң таразалап ал калганын. Сүннөткө амал кылуу, мустахабка амал кылууга караганда пайдалуураак болот.

**10.** «Эко Исламик» банк менен келишим түзүп, машина, буюм алса болобу? Кандай музыкаларды укса болот?

*Нурбай, Ноокат.*

**Жооп:** – «Эко Исламик» банк менен болгон иш–чараларга фатва бере албайм. Анткени, кайсы бир банкты туура же туура эмес деп баа берүү үчүн ошол банкта «көзөмөлдөө» укугуна ээ болуу керек. Мен андай укукка ээ эмесмин. Менин билишимче Азирети Муфтий Максатбек ажы ошол банктын шарият кеңешинде мүчө болуп иштейт. Ошол адамдан сураса, тагыраак жооп берет.

Дуфтун (добулбастын) музыкасын укса болорлугуна бардык Ислам аалымдары макулдугун билдиришет. Ал эми калган музыканын түрлөрүнө ар кандай пикирлер айтылат.

**11.** Москвада машыгам, эрежесиз уруш таймаштарына чыгып турам. Бул кылганым туурабы?

*Адилет, Москва.*

**Жооп:** – Машыканыңэң жакшы. Күчтүү мусулман алсыз мусулманга караганда Кудай Таалама сүйүктүүрөөк. Эрежесиз уруш таймаштарына чыкканың жакшы эмес. Ит уруштургандай, короз уруштургандай эле кеп болот.

**12.** Улак чапканга шариятыбыз кандай карайт? Үйлөнүүдөгү тойдун эң жакшысы кандай болуу керек?

*Элдияр, Ош.*

**Жооп:** – Улак чабуу боюнча атайын макала жазганбыз. «Көкбөрү арамбы?» деген темада интернеттен издесең табасың. «Бактылуулуктун формуласы» китебибизде да орун алган. Китеп базарда жана плеймаркетте бар. Жыйынтыгы, шарият бузулбай чапса, каршы эмес, тетирисинче, сооптуу амалдардан болот.

**13.** Бир байке мас абалында аялына үч талак деп айткан экен. Учурда нике кыйдырбай эле жашап жатышат, кандай болот?

*Сайтбек, Екатеринбург.*

**Жооп:** – Эми, садагасы, алардын маселесин өздөрү менен сүйлөшүп чечкенде гана жообу тагыраак чыгат. Ошондуктан, жакын аймактагы илимдүү имамдарга кайрылышканы оң болот.

**14.** Саламатсызбы? Суроом бир аз оңтойсузураак. Аялың менен кошулгандан кийин гусул алганча балаң ыйлап калса, эмизүүгө болобу же гусул алып анан эмизүү керекпи? Аялың менен өбүшкөндөн кийин гусул алуу шартпы? Чоң рахмат! Аллах сизге ыраазы болсун!

*Мамарасул, Кызыл-Кыя.*

**Жооп:** – Урматуу, бир тууганым, суроонун оңтойсузу болбойт. Болгону чын ыкластан сурасаң, ошол жетиштүү. Билбегенди сурап билүү мусулмандык милдетибиз.

Аялы менен кошулгандан кийин гусул алганча баласы ыйлап калса, аял көкүрөгүн эле жууп, же нымдуу кездеме менен сүртүп, баласын эмизе берсе болот.

Аялы менен өбүшкөндө ырахатка батып кетип, жыныстык мүчөсүнөн уруктук чыгып кетсе, гусул важип болот. А эгер уруктук чыкпастан туруп, жөн эле жылбышкак суюктук чыга турган болсо, анда даарат эле бузулат. А эгер эч нерсе чыкпаган болсо, даарат да бузулбайт.

**15.** Сүрөттүн баардык түрүн тартам, ал жандуу же жансыз болсун. Ушуну динибизде кандай карайт?

*Айжанат, Бишкек.*

**Жооп:** – Шариятыбызда жандуулардын сүрөтүн тартууга тыюу салынат. Жансыз нерселерди каалагандай тарта берсе болот. Жандууларды тартканда көзү жана жүзү тартылбаса, шариятка каршы келбейт.

**16.** "Өз амириң өзүңдө" деген сөз үчүн жыйырма жыл бирге жашаган үй–бүлө ажырашып кетишсе, кийин алар жараша турган болуп калышса, анда никесин баласы окуп койсо болобу?

*Айжан, Ноокат.*

**Жооп:** – "Өз амириңөзүңдө" деп айтуу, фыкых маселесинде "тафвид" деп айтылат. Эркек жогорудагыдай сүйлөм менен аялына ыктыяр берген учурда, аял өзүнө берилген ыктыярды пайдаланып: "Мен өзүмө өзүм талак койдум!" десе, аялга талак түшөт. Эгер аял таптакыр унчукпай койсо, же башка сөзгө өтүп кетсе, анда аялдын өзүнө өзү талак берүү ыктыяры жок болот. Ортодогу никеси бузулбайт. Сиздин маселеңизге жубайлар менен баарлашкандан соң туура жооп бере алаар элем.

**17.** Ассалааму алейкум! Иддада олтурган аял иштесе болобу, эгер талак берген күйөөсү нафакасын бербесе?

*Бегимай, Бишкек.*

**Жооп:** – Ооба.

**18.** Жалал-Абаддагы медреселерде түрк устаздардын китептери окутулат. Ошол туурабы?

*Нурислам, Ош*

**Жооп:** – Түрк туугандарыбыз биз карманган жолду карманышкан мусулмандар болгондуктан, алардын аалымдарынын китептерин коркпой эле окуй берсе болот.

**19.** Жакында сапар айы келатат, тартиби жөнүндө айтып берсеңиз?

*Мунар, Москва.*

**Жооп:** – Сапар айында намазды калтырбай окуп, чыныгы момун мусулман болуп жашай бересиң. Тартиби ушул. Башка тартипти билбейт экенмин.

**20.** 27 жашымда намаз окуй баштадым. Каза намаздарыман кантип кутулам? Каза намаздын ар бирине такбир айтылабы?

*Аты белгисиз, Москва.*

**Жооп:** – Каза намаздарды кадимки намаздардай эле окуй бересиң. Убакыт тапсаңэле окуй бересиң. Ар бирине азан жана коомат айткан сүннөт. Эгер бир канча каза намазды чогуу окусаңбашында бир азан айтып, анан ар бирине коомат айтсаңжакшы болот.

# Комча Жогорку Данектен кутулду



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Айкөл канчадан бери короосундагы кумурскаларга көз салып, ошолор менен алаксып келет. Сырттан караганда туш келди чуркап жүргөн кумурскалардын жашоосун толук түшүнбөгөнү менен, аларда да кандайдыр бир ыргак бар экенин байкады. Ооба, алар да жашоо үчүн колдорунан келишинче күрөшүп жатышты. Болгондо да өтө ынтымактуулук менен, өтө тырышкандык менен күрөшүп жатышат. Мына, күн алыс ары-бери басып жүргөндө короосунан байкаганы ушул. Чымылдаган тынчы жок кумурскалар...

Анткен менен жан дүйнөсүндө дале тынчтык орной элек. Акыркы убакта жанагы башын айланткан Океана шайтандан биротоло кол үзүп, бир жаңсыл болуп калгансыды эле. Бирок, анысы оңой менен жанын койбойт окшойт. Кечээ да кериле басып ойшондоп келип калыптыр. Эмнеге келди, кимге келди белгисиз? Себеби, ал бир гана Айкөлгө келбей, тигил кошуналаш жашаган туугандарына да кирип чыкты. Анан калса, ачык-айкын бирдеме дебей, негедир кымырылып алган. Калп эле наркы-беркини айтымыш болот. Калп эле тигинден-мындан кеп кылат. Баарынан кызыгы, кимге барбасын бир бурчка тартып алып шыбырашып-күбүрөшө калганы болуп жатпайбы.Тигине тиги Сарткул тууганы менен да өзүнчө шыбырашыптыр. Казакбек менен да, Тежикбай менен да ошентти. Баары менен бир нерсени күбүрөшүп кетти.

Чынында, булар баары тең акыркы убакта жанагы сары чачтуу түйдөк баш кыз Руслана менен ынак болуп кетишкен. Ал тигил Океанага караганда буларга жакын жашаганын пайдаланып, ушул төрт жигитти өзүнө катуу имерип бараткат. Айрыкча Казакбек менен Айкөлдү кайда барса колтуктап алчу болду. «Соода кылсак өзүнчө кылабыз» дейт. «Бакшалардын тамагын да, таттуусун да жебейбиз» дейт. Айрыкча, акыркы жолу тигил Океананын өнөктөштөрү тараптан келген бир канча тамак-ашты жөн эле төгүп таштады.

– Мен мындан нары жалаң өзүмдүн досторумдун тамагын жейм! Океана менен да, анын курбулары менен да соода кылбайм! – деп кыйкырды ал ошол күнү.

Алгач анын бул сөзү Айкөл менен Казакбекти кубандырып койду.

– Мына, бизге ушул эле керек болчу, – дешти алар.

Айрыкча Айкөл кыйла сүйүндү.

– Эми бакчаман чогулткан алма-өрүгүмдү, каймак-сүтүмдү, эт-петимди Русланага сатып бир жыргайт окшойм, - деди ал.

Чынында «бул митаам дагы бир нерсе ойлоп чыккан болсо кантем?» деген санаа турду. Бирок, эки жагын караса минтип кыйыктанганга деле шарты жок калыптыр. Океана Русланага караганда алда канча ийкемдүү, алда канча акылдуу көрүнгөнү менен жакындан ымала түзүүгө кыйла эле алыстык кылды. Ал эми ичи-койнуңа кирип, жылаандай сойлогон Чайнагүлдүн жанында отуруш эле өзүнчө дене-бойду дүркүрөтүп, кооптонтуп турат экен. Натыйжада, туш-туштан жыла басып, котур ташын койнуна катып келаткан бул митаамдардан бирөөнү тандай калбаса, үч шайтанга бир убакта туруштук бере албай калчудай.

Натыйжада, Айкөл Казакбек боордошу менен Руслана уюштурган шеринеге кошулган. А Океана болсо көптөн бери элейип эле карап отуруп калган болчу. Мына эми бүгүн минтип, жыла басып келип калыптыр. Тобо, буларды карап турсаң кыз кезинде баары эле сонун, баары эле чоюлат. Бирок, анын чоюлганына алданып, колун кармадың дегиче, бир заматта өзүн ханыша сезип, төбөгө жаңгак чага баштайт экен.

Баягыда Айкөл Океанага бакчасынан бир орун берип, «ары-бери өткөндө конуп тур» деп койду эле, кийин кайра чыгара албай куурабадыбы. Тим эле кеткиси жок. Анысын деле көтөрүп келет, мунусун деле көтөрүп келет. Жөн койсо аткана кылып алчудай. Анан калса өзү да бир жөн жүрбөгөн неме. Кайда барса, чуу чыгарат да турат. Тиштенип, кекенип турган душманы да көп экен. Айкөл кийин ошолордон чочулай баштады. «Кокус бу шойтоңдогон немеге өчөшкөндөр келип, менин бакчамды, короо-жайымды кошо өрттөп кетсе кантем?» деп тынчсызданды ал. Анан бир капталдан Руслана баштады. Тултуңдап, бултуңдап... Башында ачык айтчу эмес. Жөн эле кыр көрсөтүп, кылыктана берчү. Кийин ачык эле кодулачу болду. «Тигиниңди кетир!» дейт качан болбосун. Акыры ошентип жүрүп Океананы эптеп чыгарып кутулган.

«Эми эмнеге келди экен?» Айкөлдүн дагы эле башы ката берди. «Жакшы катышта бололу. Өнүгөлү, өсөлү» деп айтты келген күнү конок болуп отуруп. Эми ошону айтыш үчүн атайын алыстан келбесе керек. Аны айтпаса деле белгилүү да. Андан кийин Казакбекке барганда деле ушул сыяктуу бир нерселерди айтыптыр. Сарткул менен болсо, көбүнчө шыбырашып сүйлөштү дейт көргөндөр. Тежикбайга болсо: «Сууну колдонуш керек. Суудан кубат алыш керек» дептир. Тежикбай тууганы ансыз деле ошонун камында болуп келаткан болчу. Ушунтип жөн эле келип-кетип таттуу сөздөрдү айткандан көрө ошол байкушка бир-эки түркүк сүйрөй келсе болмок.

– Деги Кудай өзү сактасын. Булардан жакшылык күтүп кереги жок, – деди акыры Айкөл.

Чынында ал жеке эле Океанадан эмес, ушул өзгөчө жакынсынган Русланага деле капа болуп отурган. Мына, «шеринелеш болдук, табакташ болдук» дегенден бери бир жыл өткөнү калды. Дегеле алдыга жылыш жок. Баягы «бакчаңдын түндүк жагына төрт жарык коюп берем» деди эле, анысы токтоп турат. «Шеринеге кирсек бакчаңа бак тиккенге, короoңо буудай эккенге кошумча кылам» деди эле, андан деле дайын жок. Казакбек тууганы болсо ичи тардыгын кылып атабы, же дагы башка оюу барбы, айтор, мунун Руслана жакка сатчу этин «менин короомон алып өтпө» деп уруксат бербей туруп алды. Дан эгиндери, картошка-сабизи болсо, такыр эле жыйылып турат. Айкөлдү ал акыркы убакта көп капа кылчу болду. Деги туугандардын арасында ушундай ыйкы-тыйкы боло берет тура. Мейли бүгүн болбосо эртең түшүнөөр кимдин ким экенин. Азырынча, түшүнчүдөй эмес.

Айкөлдүн көзү кайра эле баягы короосундагы кумурскаларга илинди. Алар адатынча тынбай тызылдап чуркап, эмгектенип жүрүшүптүр. «Жарыктык, пайдасынан башка зыяны жок жандыксыңар» деп мээримин төгө чөгөлөй отуруп, үңүлүп карай баштады.

***

А кумурскаларга эмне? Айкөл карап атабы, же башка карап атабы, иши да жок. Айрыкча хайлаоодон өтүп, жаны данекбаш болуп тургандар үчүн жашоо керемет. Жогорку Данекти эми өздөрү билип, өтүктөрүн төргө илишет. Айрыкча баягы мурдуна балта чапса балта өтпөгөн, балка чапса балка өтпөгөн Комча жок булар каалаганын кылат го.

Эр Олтин болсо эрдиги бар эси жок неме. Ага айтылган сөз жетип, анан ал барып ачуусун чакырып келип, анан ачуусу башынан көк түтүн болуп көтөрүлүп чыгып, анан «чап, теп» деген маалымат колу-бутуна жеткиче Теке баш болгон чыпылдаган данекбаштар айтчусун айтып, кылчусун кылып тарап кетишет эмеспи. Мындайда Комча кыйын эле да. Жини бери жакка чыгып турчу. Тарс эле бир койчу кимди болбосун. Баса, жанагы бир заматта өнөктөш боло калган Бабо да анын ошонусун колдонду окшойт. Хайлаоого бир күн калганда кимдир бирөөнү кыйшаңдатып алдынан чыгарып берди. Кайран Комча адатынча тарс эткизе бир койду. Бүттү! Ал да бүттү, бул да бүттү. Эми Бабо Жогорку Данекте каалаганын сүйлөйт. Көзүн алаңдатып коркута турган Комча жок. Теке болсо эски душман. Ал чегирткесин алып коюшу мүмкүн, бөлмөсүнөн чыгарып коюшу мүмкүн, бирок, тумшукка бир койбойт. Шашаны болсо алдап койсоң жүрө берет. Калганы эмне? Калгандары, Бабо сыяктуу эле өз базары кызыса болду деп жүргөндөр да. Бабо аларга тийишпейт, алар Бабого тийишпейт.

Кыскасы, данекбаштар акырын-акырын жайланышып, жай таба башташты. Бир ай чачылган капустаны он эсе, жүз эсе кылып оро турган убак келди. Оруш гана керек, оруш гана....

Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Сaресеп гезити

**Нускасы:** 6000
**Буйрутма №** 2952
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Дүйнөнүн жаңы жети керемети

Бир кезде Байыркы Александр маягы, Колосс Родосс, Галикарнастагы Мавзолей , Эфестеги Артемида храмы, Олимптеги Зевс эстелиги, Семирамиданын бакчасы, Хеопс пирамидасы дүйнөнүн жети керемети деп эсептелчү. Бүгүнкү күндө аталган дүйнө кереметтеринен жалгыз гана Мисирдеги Хеопс пирамидасы сакталып калды. Ушундан улам жаңы дүйнө кереметтери кайрадан тандалып алынган



## Чичен-Ица шаары

Чичен-Ица Мексикадагы Юкатан жарым аралынын түндүгүнөн орун алган. Байыркы Мая цивилизациясынан калган шаарлардын бири. Бул укмуштуу шаар биздин замандын VII кылымында тургузулуп, калкынын саны 20 миңден 30 миңге чейин жеткен.



## Таж-Махал күмбөзү

Индиянын мусулмандар империясынын султаны Шах-Жахан жубайы экөө 8 кыз, 6 уулдуу болушат. 36 жашка келген Мумтаз Махал он төртүнчү ымыркайын төрөп каза болот. Хан 2 жылга чейин аза күтүп, ыр-күлкү, майрамдарга тыюу салат. Сүйүктүү жарын гана эмес, саясат боюнча мыкты кеңешчисин жоготкон Шах-Жахан жубайынын атына "дүйнөдөгү эң кооз күмбөз тургузам" деп ант берет. Ошентип, Индия ханышасы Мумтаз Махал атына күмбөз курулат. Күмбөз-мечит 1632-1654-жылдар аралыгында 20 миң жумушчунун күчү менен курулган. Негизги курулуш материалдары кара, ак мрамор жана күмүш мыктар болгон. Имараттын сырты баалуу таштар менен коздолуп турат.



## Мачу-Пикчу шаары

Тоо чокусунда жайгашкан бул укмуштуу шаар инк урууларынын башчысы улуу Пачакутектин демилгеси менен 1440-жылдарда курулган. Шаардагы жашоо I кылымга чейин уланып, 1532-жылы тургундары дайынсыз жок болушкан. Табышмактуу шаар азыркы Перудагы Урубамба дарыясынын жээгиндеги бийиктиги 2057 метр болгон дөңдүн үстүнө курулган.



## Улуу Кытай Сепили

Сепил биздин заманга чейинки III кылымда Цинь династиясынын убагында курула баштаган. Курулушка 1 миллион адам катышкан. Жалпы узундугу – 6700 чакырым. Дубалдын орточо бийиктиги – 6-7, ал эми жазылыгы – 6-10 метр.



## Колизей Амфитеатры

Колизей эллипс түрүндөгү узундугу – 188, туурасы – 156, бийиктиги – 50 метр болгон зор курулуш. Анын ортоңку бөлүгү арена. Бир эле учурда 3 миң жуп гладиатор күрөшүүгө мүмкүн болгондой чоң. Аренаны туш тараптан кароо үчүн 4 бөлүктөн турган чоң тепкичтер жасалган. Биринчи 20 мрамор тепкич чоң коноктор үчүн, кийинки жыгач тепкичтер карапайым эл үчүн тургузулган.



## Ыйса Эстелиги

Ыйса Куткаруучу Корковадо тоосунда деңиз деңгээлинен 710 метр бийиктикте жайгашкан. Бийиктиги 38 метр болсо, жайылган колдорунун узундугу 23 метр, салмагы 1140 тоннага жетет.



## Петра шаары

Иорданиядагы Петра шаары биздин заманга чейинки 9-жылы пайда болгон. Жар бетиндеги үңкүр-шаар деңиз деңгээлинен 600 метр бийиктикте жасалган. Петра менен кошо анын ичиндеги сарайлар, храмдар, үйлөр сакталып калган.